Сабыралы АБДУКАРИМОВ

# Өмүр сереси

***Ырлар***



Ош, 2013-жыл

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 13

Рецензиялаган: филология илимдеринин доктору,
профессор Курсан Пакыр Чандеки

Абдукаримов.С.
Өмүр сереси. Ош., 2013. 132 б. ISBN 978-9967-27-019-0

Акын Сабыралы Абдукаримовдун бул жыйнагы анын элүүнчү белестен берген отчету десек туура болчудай. Сиздердин колуңуздардагы бул жыйнагына, обондуу ырларынын сөздөрү, түрдүү маанайдагы жаңы ырлары, сатирасы, тамсил, пародиялары жана терме ырлары кирди.

Жыйнак жалпы окурман журтуна арналат.

А 4702300200-13

ISBN 978-9967-27-019-0

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Абдукаримов.С.,
2013

# *ОБОНДУУ ЫРЛАР*

## КЫРГЫЗЫМ

***Обону:   Ибадат Төлөшованыкы***

Эл үчүн келген эркиндик,
Эгемен күнгө туш келдик.
Тоолордо турмуш кечирген,
Тоскоолду бузуп биз жеңдик.

Кырмызы туулуу кыргызым,
Тоолордо сенин ырысың.
Түбөлүк тууруң боз үйүң,
Түгөнбөйт бышкан кымызың.

Эркиндик, теңдик, биримдик,
Элиме келген бак болсун.
Кутманым, калкым кыргызым,
Кутту күн дайым бар болсун.

## БИР АРМАН

***Обону:  Ибадат Төлөшованыкы.***

Дыбыратып делебемди,
Неге козгоп салдың экен.
Күүнү черткен жүрөгүмө,
Кайсы арманды айттың экен.

Үшкүрүктөр чыгып улам,
Үмүт кыял жетеленет.

Сени күткөн көздөр талып,
Көкүрөк ой безеленет.

Токтобогон закым менен,
Жүгүрөт ой күлүк санаа.
Бул бир арман түгөнбөгөн,
Сага деген азоо чалма.

## ОШТУН ТҮНҮНДӨ

***Обону: Туратбек Өмүркановдуку.***

Жарык шоола терезедмин ар жагы,
Бейпил түндүн кучагына оронгон.
Көзүн кысып көктөн жылдыз жымыңдайт,
Алыс качып кеткен өңдүү бороондон.

Булбул шакта, жигит бакта үн кошуп,
Айлуу түндө алым-сабак ырдашат.
Алтын казык жылдызындай сөзгө бек,
Түнкү сүйүү жазын бирге сырдашат.

Кусалыкка жүрөк толуп шаар бош,
Олтурамын а мен болсо көңүл кош.
Көөдөнүмдө көктө жаңган жылдыздай,
Сүйгөн шаарым, асыл уям алтын Ош.

## СУК КИРЕТ ДЕШЕТ ЖАМАЛГА

***Обону: Туратбек Өмүркановдуку.***

Саамайың желге таралып,
Эркелейт жаздын желине.
Жарашык берип көйнөгүң,
Жабышат неге белиңе.

Үлбүрөк какым гүлүндөй,
Үнүңдүн назик добушу.
Табият берген көрк мына,
Жүрөктүн берген жообу ушу.

Кызгалдак кыял кыз кезиң,
Түшпөсө экен шамалга.
Тү-тү-тү... жерге түкүрдүм,
Сук кирет дешет жамалга.

## ЭНЕКЕМ

***Обону: Бакирбай Меймановдуку***

Ак саамайың желге жазылып,
Ак жаандай төгүп басылып.
Мени күткөн сенсиң энекем,
Медеримсиң кантем жашырып.

Узак жолдон үйгө келгенче,
Дүйнөң турат гүлдөй ачылып.
Тумарымсың түшпөс оюмдан,
Эмне келет билбейм колумдан?

Өмүр кечип мени чоңойтуң,
Түшүрбөстөн дайым жонуңдан.
Кагыласың дале баладай,
Кумарлуу сен сылап жонумдан.

Алыстамын, азыр алысмын,
Асыл энем медер намысым.
Элим менен кошо эсен бол,
Журт ичинде жүргөн калысым.
Топ күлүккө коштуң торолтуп,
Мүмкүн эмес элден калышым.

## БӨБӨК ТИЛЕГИ

***Обону: Эшмамат Самудиновдуку***

Колумдагы китебим,
Конуштагы түнөгүм.
Айрыбастан барагын,
Аяр кармап жүрөмүн.

Мында жомок, макалдар,
Музыкалуу ырлар бар.
Катар-катар тизилген,
Кошуу, алуу, саны бар.

Билим алып эр жетсем,
Эжекемдей боломун.
Алиппеден үйрөнгөн,
Айга барып кономун.

Китебимди кирдетпей,
Дайым таза сактаймын.
Чоңойгондо агамдай,
Чоң китепти жаттаймын.
Китебимде түркүн күү,
Сансыз акыл барагы.
Кимдер сүйсө китепти,
Мыкты окуйт сабакты.

## ЖАН ЭРКЕМ

***Обону: Бакирбай Меймановдуку***

Жамалың сүйкүм эң эле,
Жаныңда балкыйт делебе.
Ай тийген салкын жайга окшоп,
Атың да укмуш деги эле.

Сен деген ойлор кайталап,
Көкүрөк эзип таркалат.
Жылмайып күлүп койгонуң,
Жан эркем билсең салтанат.

Жүрөктүн күүсү боздобойт,
Гүл жыты сага окшобойт.
Жылаажын үнүм сен барда,
Жан эркем ишен токтобойт.

## ЧАВАЙЛЫК КЫЗГА

***Обону: Улан Маймановдуку***

Атыңды мен айталбастан,
Айды тиктеп карай берем.
Жаңга кубат болобу деп,
Салкын жерди самай берем.

Сен анчалык назданбачы,
Мен ансайын сүйүп барам.
Чавайлык кыз абайлачы,
Махабаттан кантип танам?

Кол кармашып түбөлүккө,
Тагдыр күтсөк кантер экен?
Таалайыбыз нурун чачып,
Кош данектей өсөр бекен?

Келчи жаным, келчи күнүм,
Айды эстеткен жайкы түнүм.
Азабында махабаттын,
Алсыз болуп сенсиз жүрүм.

## ТЕРЕЗЕ АЛДЫНДАГЫ НАРИСТЕГЕ
***Обону: Бакирбай Меймановдуку***

Термелип терезеден сыртты карап,
Тармал чач булуттардай көктү карап.
Сен анда эмне ойлоп турдуң экен,
Садагам наристелик сезим каалап?

Айланып жаздын ыйлак булуттары,
Азгырып турду бекен сезимиңди.
Атаңды күттүң бекен жолду карап,
Апаңды эстеп алып эзилдиңби?

Садагам сары көйнөк кулунчагым,
Саргайба быйылкы жаз эми келет.
Сендеги жаштык кайрат байчечекей,
Тагдырың агын суудай ашкан белес.

Өмүрдүн улам ачып жаңы бүрүн,
Өзгөртөт өткөн күндү ойлонбогун.
Терезе текчесине тамган жашың,
Тагдырдын тереңдигин бойлогонуң.

## ЖОЛ ЖАЛГЫЗ
***Обону: Бакирбай Меймановдуку***

Жол жалгыз. Тагдырыбыз эки бөлөк,
Салаалап түрмөк булут жашын төгөт.
Бараттык башты салып баягыдай,
Баарына кайыл болуп көңүл чөгөт.

Энчибиз экөөбүздүн ушул болуп,
Эч кимге сыр бербедик сыңга толуп.
Айгак да чыгышкан жок ортобуздан,
Антташкан айлуу түндү бетке тосуп.

Сен калдың жол жээгинде мени карап,
Жайкы жел чачтарыңды жатты тарап.
Жан далбас кылган менен айла канча,
Алоолоп ажыраштык кадам санап.

Жол жалгыз. Тагдырыбыз эки бөлөк,
Салаалап түрмөк булут жашын төгөт.
Бараттым башты салып баягыдай,
Баарына кайыл болуп көңүл чөгөт.

## ӨМҮР СЕРЕСИ

***Обону: Бакирбай Меймановдуку***

Саргаюда өмүр көктөмү,
Жалбырактай улам жукарып.
Жан дүйнөмдө жүрөт акырын,
Сезилбеген жаңга муң карып.

Асыл сезим айга окшогон,
Толуп толбой келет өкчөлүп.
Тагдыр жолу учкан жылдыздай,
Жүргөн экем аны көп көрүп.

Күзгү нөшөр төгүп үшүткөн,
Жалбырактар калып арыкта.
Жайдак өткөн өмүр күкүмүн,
Салалбадым баарын калыпка.

## РЫСПАЙГА

***Обону: Аман Туратбековдуку***

Талантың тамшандырып далай элди,
Тагдырың ыр-обон деп шаңшый берди.

Музасы болуп алып музыканын,
Муюттуң сансыз журтту, ыйык элди.

**Кайрыма:**
Алоолонгон жүрөктөн,
Алоо чыгат Рыспай.
Аалам кезип обонуң,
Атың калды Рыспай.

Тирүүлүк дайрасында ырың калып,
Түптөдүң зор талантты күүгө салып.
Рыспай, Рыспайлап ырлар калды,
Сезимди бир силкинтип жүрөк карып.

Ар бир үй, ар бир айыл Алмашым деп,
Түгөйүн издеп жүрөт сагынгандан.
Алп талант, асыл инсан жаралыпсың,
Ааламды кесип өткөн чагылгандан.

## ЧЫНАРА

***Обону: Аман Туратбековдуку.***

Азаптуу билбейм бул түндөр,
Азууга себеп көп күндөр.
Арзууга жетпей махабат,
Алыстан чыгат не үндөр?

**Кайрыма:**
Арманым болдуң Чынара,
Арманга толгон көз мына.
Күтүүгө салып жүрөктү,
Күйгүзгөн жансың Чынара.

Билинбей өткөн ай-жылдар,
Биз үчүн болуп табышмак.

Тилегим жалгыз, ой сансыз,
Капыстан кайра табышсак.

**Кайрыма:**
Жүрөктү кайра жылытып,
Жүрсөк биз гана Чынара.
Өткөн кез, күндү унутуп,
Бириксек гана Чынара.

Тилегим сага амандык,
Бакыт да каалайм өзүңө.
Теңирден дайым суранам,
-Кайры-деп сени өзүмө.

**Кайрыма:**
Бактыга толуп ошол кез,
Байлыгым элең Чынара.
Сагынып күтөм дагы эле,
Садагам жаным Чынара.

## БАКЫТКА БАКЫТ ТОГОШСО

***Обону: Аман Туратбековдуку.***

Ойлосом дүйнө эң кенен,
Оюмда сенсиң жан эркем.
Оймоктой оюм үзүлүп,
Өзүңдү эстейм жан биргем.

Көздөрүң кара карагат,
Көп көздөр сага кадалат.
Көркүңө куштар болгондор,
Тоту куш өңдүү таранат.

Сүйүүнүн сыры керемет,
Сөз дагы билсең эленет.
Бактыга бакыт тогошсо,
Ай дагы толот тегерек.

## АЛАЙЫМ

***Обону: Аман Туратбековдуку.***

Көздөн учкан карегимдей Алайым,
Туулган жер топук кылган таалайым.
Көңүл толкуп, тоолоруңа көз артып,
Карегимди аска-зооңо кадаймын.

Жайың салкын кереметтүү Алайым,
Келбетиңди кантип гана баалаймын.
Жомогуңдан чыңга айланган арчалуу,
Качуураңды кантип гана танайын.

Абаң тунук, аска-тоолуу Алайым,
Сен бактымсың, желге ыргалат саамайың.
Аман болсок бет келишип дагы бир,
Өткөрөрбүз айлуу түндүн далайын.

## ЧЫНАРАМ

***Обону: Аман Туратбековдуку.***

Азоо дүйнө кызык дайыма,
Махабаттым сенсиң Чынара.
Ырахаттын бирге таталы,
Кыйнабачы жаным Чынара.

Кашкалдактын карап тоолорун,
Карааныңды издейм Чынара.
Алай бийик бирок көрүнбөйт,
Кай жактасың жаным Чынара.

**Кайрыма:**
Сүйөрүм чын, сүрдөйм өзүңдөн,
Садагасы жаным Чынара.

Бир бололу бийик тоолордо,
Биздин сүйүү ынак Чынара.
Таазим кылып койчу суранам,
Табиятка жаным Чынара.

## КЫШКЫ ТҮНДҮН ЖАМГЫРЫ

***Обону: Гүлиза Мануровандыкы.***

Тамчы ыйлайт ташка тийип тизеси улам,
Чыгарбай колтугунан колдо баран.
Кар да жок катуулугун сезбейт эле,
Килемди өрттөп кеткен күзгү жалын.

Түн купку. Талаа үнсүз. Сокур аалам.
Тамчы да таппай келет түшөр жерин.
Кышкы түн бурганактап суук болчу,
Ушул кеч эмнегедир төктү мээрим.

Жөө туман мунарыктап айдоо жактан,
Шамалга көпөлөктөй имерилет.
Түнкү ай туңгуюкка түшкөн ойдой,
Булуттун үстү менен чимирилет.

Күздөгү көйнөктөрүн чечкен бактар,
Кыш түндүн жамгырына кириништи.
Суу болгон денелерин кытыгылап,
Суз желди сөз кылышып биригишти.

Кыштагы түнкү жамгыр сөзгө жарды,
Сергитти алма, өрүк айымдарды.
Сүйүүсүн издеп келген тамчы ыйлап,
Түн бою шөмтүрөттү кайыңдарды.

## БАЛАЛЫК
***Обону: Ж. Акимованыкы.***

Көтөрүп улак бөбөгүм,
Кубанат тентек жөлөгүм.
Балалык таза дил менен,
Баратат издеп көгөнүн.

Күн өтүп жылдар жылганда,
Жаштыктан узайт балалык.
Бейпилдин таңы өчпөгөн,
Бах! Чиркин сонун балалык.

## ЭТЮД
***Обону: Гүлиза Мануровanыкы.***

Сагыныч күткөн ойлорум,
Өзүнчө түркүн керемет.
Абайлап түндүн шоокумун,
А жамгыр төгөт себелеп.

Таранбай чачын бутактар,
Эркелейт жаздын желине.
Жамгырдын дыбырт үнүнөн,
Көөшүлүп уктайт жер эне.

Жалбырак желге дирилдеп,
Жамгырлуу кечти жемелейт.
Абайлап түндүн шоокумун,
А жамгыр төгөт себелеп.

## ДОСУМА КАТ

***(Элдик обондун негизинде иштеп чыккан Жазгүл Каарова)***

Жабыккан дүйнөм кыр кезип досум,
Жаныңдан алыс мен кеттим досум.
Жашоонун түркүн арманын сабап,
Жай-жайлап түнөк күтпөдүм досум.

Ырысым менен чачылып досум,
Ыр издеп кеттим жаныңдан.
Ырайым кылган адамдар көрсө,
Ыйлаба дешип соороттү досум.

Бөтөн эл, жерден дос күттүм досум,
Боздодум кээде түн катып досум.
Боексуз дүйнө бир күндө өчсө,
Бозоргон мүрзөм томсорор досум.

Жанымдын жармы сенсиң го досум,
Жаныңа жерпей кор болдум досум.
Жашоодон өтсөм жетпей оюма,
Жалгыздын ырын ырдап жүр досум.

Аталап ыйлаар балам бар досум,
А бирок алар балапан досум.
Алсыздык кылып айласын таппай,
Азапка башын салбасын досум.

Бул дүйнө бүтүн кулабайт досум,
Бузулган ордо бүтөлбөйт досум.
Бозоргон мүрзө бук сырын айтпас,
Бул жагын айтып бүталбайм досум.

Таптаган кушум ыр болду досум,
Тапканым менин бул болду досум.

Табылып калса дармандуу бирөө,
Таркатып берсин элиме досум.

Учкан куш болсо саптарым досум,
Уялап бактай көбөйөт досум.
Умтулуп ырга, арманда калып,
Угарман журтум калбасын досум.

Өзөгүм күйүп өрт болгон досум,
Өзгөлөр аны талдасын досум.
Өмүрдүн өйдө-ылдыйын сезип,
Ошолор мендей болбосун досум.

## КҮНӨӨ БОЛСО БОЛГОНДУР

***Обону: Ибадат Төлөшованыкы.***

Кадырым  жок адамга жамандырмын,
Сөз билбеске саргайган самандырмын.
Кээ бириңе келегей көрүнсөм да,
Тийбегендир баарыңа жамандыгым.

Ачуу болсо айтканым, айткандырмын,
Арзууларга балта чаап кайткандырмын.
Түркөйлөргө тикенек болсом дагы,
Эртеңдерди ойлонуп жаткандырмын.

Чыйкан болсом чекеңден чыккандырмын,
Чындык бар деп чырылдап жаткандырмын.
Көзүм менен көргөндү жашыра албай,
Күнөө болсо болгондур айткандарым.

**МАЛБИЯМ**
**Обону: Жамалидин Шамшидиновдуку.**

Урутуңдан бал тамат,
Уйгур кызы Малбиям.
Улуулугу махабаттын,
Нуру сенсиң Малбиям.

Кайрыма:
Көздөрүңдү көргөндө,
Малбиям, Малбиям.
Арбаласың алдамчы кыз,
Малбиям, Малбиям.

Кызыл гүлдөй кыялымда,
Калар белең Малбиям.
Жүрөгүмдүн тумары сен,
Кумарлуу көз Малбиям.

# КОТОРМО

## ҮЙҮҢДҮН ТУРСА ҮСТҮНДӨ

***Музыкасы: Юрий Антоновдуку.***

Керемет издеп алыстан,
Келебиз бирок ал да жок.
Чын эле жердин шаарында,
Тургузган үйдөй түнөк жок.

Эгерде үйүң жок болсо,
Ээн үйдө сенин ишиң жок.
Күн тийген ушул асманда,
Акылдан башка түнөк жок.

Сүйүүдөн тапкан кайгыбыз,
Ар кимдин жүрөт өзүндө.
Ах, чиркин кандай Ай, жылдыз,
Үйүңдүн турса үстүндө.

Тынчтыкта биздин бактыбыз,
Барганда үйүң дүйүнө.
Чалкалап жатсаң керемет,
Чалыккан кезде үйүңдө.

# ӨМҮР СЕРЕСИ

## ТААЛАЙЛУУ ЭЛБИЗ

Ак шумкар тоонун асылы,
Айланып учкан бийикте.
Туяктар жетпес жерди ээлеп,
Үнүбүз жеткен Теңирге.

Бороонго башын ийбеген,
Булуттан төмөн жүрбөгөн.
Таалайлуу элбиз кыргыздар,
Тамшанткан жанды миңдеген.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ БООГОТУМ

Боготко айда келем, жылда келем,
Бороонду кышта келем, жайда келем.
Бүтпөгөн бир тилегим көкүрөктө,
Бүлүнгөн, сапырылган ойдо келем.

Келем да келген сайын издей берем,
Кемиген кенен сайга көздү тигем.
Атамдын тер жыттанган майлуу колун,
Анан да тракторун издей берем.

Самандан салынган үй көзгө түшүп,
Санаалуу сагынычта өрүк турат.
Апамдын ылайдагы изин сактап,
Азыр да дубалдардан добуш чыгат.

Боготко айда келем, жылда келем,
Бүтпөгөн бир жомокту айтып келем.
Бүчүрдү жарып чыккан жалбырактай,
Бактымды бир өзүндөн издеп келем.

## КЫЛЫМГА КӨЗ
## ИРМЕМДИК АРАЛЫК БАР

Космосту конуш кылган
заман артта,
Кылым бүттү.
Башталды кылым…
Көз ирмемдик аралыкта.
Аң-таң кылган ачылыштар,
калды эскирип
Таштагыла.
Баштагыла жаңысын
БАШТАГЫЛА!!!

Бир өмүрдүн куну
бүтпөй калып,
Соңку кылым солкулдасын
Бели ийилип.
Баштагыла жаңысын
БАШТАГЫЛА!!!

Кылымдын жаңырыгы,
Төңкөрүш, ыңкылаптар.
Канча адамдын алды өмүрүн?
Канча, канча дегендердин,
Кагып салды акыл эсин?
Кайгыртып, кубандырып
Кайра дагы
Канча адамга кайрып бердиң
Зор бакытты?...
Мына кылым,
Алгын эми аларды…
Берер болсоң,
Казан-аяк, калта табак баары
турат.
Сала бер саларыңды.

XX1-кылымдын пенделери,
Тегиз турат
Көз күйгүзүп, ачып күлчү
кабагыңды….

Мынакей кылымдын жаңырыгы,
Кыялымда кыл калем сүрөтчүдөй.
Сүрөт тартам Күндүн, Айдын.
Кыргыздын бүгүнкүсүн, эртеңкисин,
Кечээгисин, келечегин.
Сүрөттөрүм,
Сүйрөлүп ойдүк-сөйдүк,
Рамистин тартканы жолдо калып,
Таш менен жанчсаң да
Мээге кирбейт.

Ал ырас Күндүн атын Кудай койгон,
Талашым жок, талашууга далилим жок.
Талашууга татыксыз ойлор арбын.
Башымдагы саналбаган чачтарга
окшоп.
Кылым жашап, кыр аштык деген менен,
Келечектин түйүнү, ишенип кой,
Чечилген жок.
Турардын туура айткан ойлору бар,
Окугам, эстен чыкты, айтчы катын?...
Түү …атаң,
Тил учунда турат эле…
Таап алдым!
«Адамдар тилектерин бириктирип,
Ааламга шилтесе экен залкар чатын».

Аялдарды айдап алдык,
Саясатка, митинг, уран-чакырыкка.
Сай-сайда санжыраны билип билбей
Бөлүндүк жиликтеги тарамыштай,

Алтымышка.
Курусун, токтоткула
Кереги жок кагылышуу.
Болбоптурбу,
Манастын доору өткөн замандарда
Жаңылышуу.
Эл деген жашап келген
Силерсиз анда деле байыркыдай…

Акылдуулар көбөйдү,
Айлакерге сан жетпес, санак дагы.
Баарыңар баш болсоңор бир өлкөгө,
Бир өлкөгө керектир айбан дагы.
Курт-кумурска кул болбойт силер үчүн
Ойлонгула мырзалар, ойлонгула!
Бул дүйнөдө

Бай болуп жашагысы келет бил,
Карып дагы….

## КЫШКЫ ЭТЮД

Көл тынчыбай, дарак уктайт жылаңач,
Кышкы аяздын чилдесинде калчылдап.
Түн ойготуп кете албастан ашыгын,
Декабрда төгөт нөшөр тамчылап.

Түңкү жолдун жылан өңдүү денеси,
Мээдей жумшак баскан сайын эзилип.
Буттарымды өөп келет ак турпак,
Денемдеги жылуулукка кезигип.

Ай жүгүрүп азып келет тоо-таштан,
Арчалардан ала салып чалынбай.

Көзүн ирмеп койбой тиктейт жердеги,
Ак балтырлуу кар денесин жаңылбай.

Айды аяп токтой калсам акырын,
Ак кайыңдын далдоосуна жашынып.
Көлөкөмдүн көрбөй калып караанын,
Шыкаласам Ай калыптыр таарынып.

## ТЫНБАЙ АГА БЕРСЕ ЭКЕН

Айталбайм го, айталбаймын Айга окшоп,
Назим Хикмет «терезеси сүйүүнүн».
Жымыңдаган үмүт жанат туш-туштан,
Сүйүү сыры сени кайдан үйрөндүм?

Кадам сайын кар кычырап түрмөктү,
Жүрөгүмдөн учат оттой сезимдер.
Жан дүйнөмдү ээлеп алдың тоолук кыз,
Толгон айдай кезиксе да келиндер.

Кыз да күтөт. Мен да карайм көз салып,
Кирпиктердин ирмелүүсү азгырат.
Өткөн күндүн өлчөнбөгөн салмагы,
Таш баспаган таразаны талдырат.

Сүйүүдөгү менин, сенин сапарың,
Бүтпөсө экен, бүтпөсө экен түгөнүп.
Таза тунук тоонун тентек суусундай,
Тынбай ага берсе экен түбөлүк.

## САГЫНУУ

Сагындыңбы, билбейм сени сагындым,
Сары көйнөк кийген күздүн кызы элең.

Аймалагым келет айдай жүзүңдү,
Ак чардагым ысык илеп сүр менен.
Кудуретим жетпейт, балким, а бирок,
Сөздөрүмдүн муңун алып салалбайм.
Чачтарымды колум менен салалап,
Ай чыкса да, мен үйүңө баралбайм,
Сагындыңбы, билбейм сени сагындым.

## АРСЛАНБАП ЖЕРГЕСИНДЕ

Бабаш-Ата, Келин-Таштын ортосу,
Жер соорусу табияттын ордосу.
Келин, кыздын махабаттын өчүрбөй,
Кылым кезип сактап келген болжолу.

Чер токойдун жаңгагын көр, багын көр,
Түмөндөгөн алмасын көр, жашыл төр.
Жаратылыш жандуу дүйнө экенин,
Ишенбесең Арсланбапка барып көр.

Суук-Булак, Жарадардын сымбатын,
Сансыз түргө салып ырдай албадым.
Табияттын сулуулугу чексиз бейм,
Көз талытып карасам да канбадым.

## ҮНДӨШМӨДӨГҮ СҮЙЛӨШҮҮ
***(Байланыш бөлүмүнүн алдынан репортаж)***

Таң калтырган азыр катар жок,
Ташып келген почта аркылуу.
Үндөшмөдөн эле иш бүтөт,
Сотка деген чыккан «кадырлуу».
-Алло!... Азыр кайдасың?
…айылданбы, ии, …аманбы?

Жаңылыкпы, жайнайт келсеңчи?...
Ооба, ооба …чабындыны жеген аттар жок,
Соорулары балкылдаган акырдагы.
Туяктары толгон Айдай болбой калган,
Жүндөрү желге учуп.

Ээр да, тердик дагы бул жактан
табылбады.
Айылдын автосу азыр аттар эмес,
Чобурлары.
Дөңгөлөксүз дүңгүрөшкөн,
Жорго анан күлүктөрү чаңда калды.
Камбар-Ата колдой көр деп,
Жалгыз гана жалбарган Бостон аба.
Ал дале тизе бүгүп
Кудайга жалынганын кое албады.
Көрөсүңөр көп эле, кордодуңар,
Камбар –Ата туягын деп
Бүгүнкүнүн Танабайы болалбады.
Бир болсо ошол алат,
Ала кел,
Ээр, жүгөн басмайылды.
Не кыласың, ат алып акмак болбо?..
Авто минип келсеңчи Айдарбектей,
Таксист болуп аласың,
Орто жолго…

Сотканын үнү өчтү,
Түүт…түүт…бирдиги жок.
Цивилизация…каражат…акчасы жок.
Шаарга жетүү керек,
Бензин да жок.
Эскилиги эчак жеткен
Айылдык почтага кирүү керек,
Ал жерде «телефон» бар
Чалуу керек….

Эскини чаңган болбойт,
Аны да барктоо керек.

## ТАППАЙ КЕЛЕМ

Гүлзарында аралап махабаттын,
Гүлназыңды жыттасам карабадың.
Тагдырымдын түндүгүн көтөрүп кой,
Тирүүлүктө жүрөгүм карыбасын.

Ажарынан ажырап ата-эненин,
Ашыктыктан жаңылып кемигенмин.
Бул күндөрдө эрмегим үмүт, ырым,
Билбей келем деги ким менин теңим?

## КҮЗ МАЙРАМЫ

Сары тонун жамынган Сары келет,
Күз –деп атын.
Санаасы жок,
Максаттуу ою калың.
Жер толготуп түшүмүн төрөймүн-деп,
Толгоо күчөп.
Тоголонот дарбыздай оонап бачым,
Жолдон качың…

Арыктагы агын суу акшыңдаган,
Мурап бурган.
Айдың талаа…
Ай жактырбайт көктө турган.
Дөңгөлөктүн үстүнө чыгып алып,
Сулуу буудай.
Шылдың кылат чычканды:
-Кандай тууган?
Шамал кууган булуттар

Айгай салып,
Сүйүнчүлөйт.
«-Даркан талаа көз жарды» -
Баба дыйкан.
Күз майрамы көчөдө бийлеп келет,
Нанын алып, данын алып
Шарактаган…

## СУРАЙМ СЕНДЕН

Как жыгачты карс этип сындыргандай,
Көңүлдү сындырбачы.
Карайлаган көзүмдү эми ачтым
Муунтпачы.
Көөдөнүмдө муң катып коргошундай,
Уюп келген.
Жолум катуу жолдош, жар качып менден,
Көрөр күнүм эми эле нурун чачты
Ырга толуп.
Жол тоспочу секетим, сурайм сенден.

Муң, арманды айтышат
Ушул ырлар,
Угуп көр эрикпестен, топту элден.
Муун өлчөм
Кошом деп ырларыма,
Муздатпагын жүрөктү, сурайм сенден.

## КҮТҮҮ

Түн Чолпону жанып түндө,
Күттүм сени жалгыздыкта.
Кечинде.
Ай жашынып булуттарды коркутат.

Дале олтурам,
Сени күтүп…
Айлар болсо айрылган бүт
Календарда.
Жылдар жылып көчөт улам.
…Мезгилдин таразасы
Кыймылсыз тунжуроодо…

## МЕН КҮТКӨН СҮЙҮҮ

Кыйналып үй кургандай,
Турмуш курдум.
Терезе, эшик алдым,
Жакшы эле курамын,-деп
Мешин оңдоп, капталын
бузуп алды.
Оо, алгач дубалдагы жаракалар,
Чоңойду. Бүтөй албай
Шайым ооду.

Чакырдым акыл-эсти.
Жай эле. Кийип чыктым эски тонду.
Сүйүүмдүн тиреги-кадаларым,
Майышты бели сынган мышыктардай.
Терезе эшиктерим түтөдү
Күйбөгөн чычаладай.

Мен күткөн сүйүү дале,
Быкшып келет чогунан түтүнү көп.
Сезимди кескилеген «колектерим»,
Көчүп калган
Жетпеген тилектерим…

## КОШУНАНЫ ЭСКЕРҮҮ

Аялдын арстаны бар,
Коену бар, уюу бар,
Жылкысы бар…

Ал аял катаал эле,
Наз эле, тажаал эле, таза эле.
Ал аял катаал эле,
Наз эле, тажаал эле, таза эле.

Ойлору өзүнө окшош
Жашаң эле…
Тынч жаткан жүрөктөргө бүлүк салып,
Кээ кезде таштан катуу,
Чачтай, жумшак эле.

Сүйүүсү да өзүндөй сөзгө бекем,
Кекчил эле.
Өлсөм да эркектерден кем болбойм деп,
Кежирленсе,
Оо-уу, ага сөз да жетпейт
Эпчил эле…

## ОКУУЧУЛАРЫМА

Айткандарым акыл болуп,
Жүрөктөргө жатмайынча.
Менин дилим укаланып,
Жашоо күтпөйт,
Тагдыр түтпөйт,
Ордуңарды тапмайынча.

Дүйнөм түгөл болбой келет,
Түпөйүл ой өткөн сабак.

Таарындыңар кээ күндөрү,
Кабинетке кетсем камап.

Ички сезим бүт кыялым,
Өзүңөргө жукмайынча.
Түшүнбөстөн бүтөрсүңөр,
«Агай го»,-деп,
«Акын го», –деп,
Алсыздыкты утмайынча.

## СЫЗДАБАЧЫ

Сыздабачы садагам, сыздабачы,
Сынып кимдер
Сынбай кимдер
Сүйүү күчү билиптир?

Олоң чачты өйдө көтөр,
Оболтодон калган бул.
О, дүйнөнүн салты бул,
Ошондуктан өйдө бол.

Намысың бар кандан бүткөн,
Наар алчы
Назар буруп
Нарктуу дүйнө мына бул.

Улутунба, улутунба садагам,
Улуулуктун шартын бил.
Ушунчалык ажырашуу кыйын-ээ,
Узатуудан, күткөн кыйын сырын бил.

x x x

Сыр болуп катылган бир арман,
Өмүрдү өчүрөр кезинде.

Тамчылап тирүүлүк турганда,
Тызылдап муң кезет туу сезим.

Желге учкан жалбырак өңдөнүп,
Суу жутуп ал ойлор арыктаар.
Жол күткөн ак кайың чарчоодон,
Калды –деп тагдырды айнытаар.

Ак шейшеп желбиреп асылган,
Жиптер да күнөөлөр өткөндү,
Улуулук адамдын дилинде,
Ар дайым наз кылган көктөмдү.

х х х

Көкүрөгүм күйүп барат акырын,
Эмнегедир күз жамгырын сагындым.
Күйпөлөктөйт куруп кеткир жүрөгүм,
Кусалыкка толгон өңдүү тамырым.

Шамал шашпай үйлөп отту очоктон,
Жалындарга жан тарткандай бошонгон.
Ары-бери аяр сылап чачынан,
Актангандай болот кызыл чоктордон.

Тагдырымдын сырын айтып тамчылар,
Тилегимдин тилин билген өңдөнөт.
Кышкы тонун кийген менен бак-дарак,
Асман дале күрс-күрс оор жөтөлөт.

## КЕЛ, ЖАШАЙЛЫ

Көкүрөктү тээп толкундар,
Көөдөнүмдө сүзөт сансыз ой.
Карегиңден көрдүм жашыңды,
Кадыркечим аны катып кой.

Жан дүйнөңдүн аччы кулпусун,
Жаным жыргап сөзүң угайын.
Ыза толгон жүрөк муңуңду,
Ырым менен аарчып турайын.

Көп мезгилди колдон учурдук,
Көйгөй күүсүн чертип өзөктөн.
Абад дүйнөң эркем алдыда,
Кел жашайлы кайра бөлөктөн.

## СЫЙЫНЫШСЫН

Сен айткандай боло албадым алтыным,
Менден турмуш сүрдүү окшойт чагымда.
Таарынууга себеп да жок түшүнөм,
Таш тагдырдын кездешкенбиз багында.

Бир эстелик койгум келет ишенсең,
Экөөбүздүн тун сүйүүгө багыштап.
Сүйүү деңиз, сүйүү бакыт билгенге,
Сыйынышсын сүйүшкөндөр ардактап.

## ЭСТЕ КАЛЧУ

Жанда жоксуң, жай алдырбай өкүнүч,
Жашап келдиң кыялымда, санаамда.
Бир өкүттө калган бүркүт өңдөнүп,
Көктө учсам карар элем тоо-ташка.

Куш кыймылын көргөн сайын акырын,
Үшкүрүнүп жүрөр элем билгизбей.
Таңкы жазган ыр сабыңды угалбай,
Тажап бүттүм эсте калчу күйүттөй.

## БИЛГЕМ

Жүрөгүмдү тилип санаалар,
Жүлүнүмдү бүттү эзгилеп.
Жүргөндүрсүң балким жарыгым,
Жарыгы жок түндү тепселеп.

Сезилбеген жаңга айтылгыс,
Сырым болуп дайым катылган.
Жашап келдиң билем жарыгым,
Жүрөгүмдө аяр басылган.

Сыртка чыкпай бугум бүлүнгөн,
Кыялымда калды элесиң.
Күтүп келгем дайым жашоодон,
Кеч берилген эне керээзин.

## КАЛАРЫҢДЫ БИЛГЕМ ТАБЫЛЫП

Түн койнунда түнөп жол кезип,
Ырдап алып кээде жоктодум.
Күйүттүүбү сүйүү айдыңы,
Кадыркечим кээде боздодум.

Көңүлүмдүн кетпей көксөөсү,
Оомат тилеп кайда баспадым.
Арылбаган арман турса да,
Мен сүйүүдөн бирок танбадым.

Үмүт үзүү кандай өкүнүч,
Жүрөгүмдө обон жаңырык.
Коштошоордо ыйык өмүрдөн,
Каларыңды билгем табылып.

## КҮН БОЛЧУ МАҢДАЙЫМА

Жалбырактар чачылган ээн жолдо,
Жалгыз келем сыр чечип сансыз ойдо.
Жан шеригим,  асылым, алыссың да,
Жан кейитип, а бирок капа болбо.

Сага деген сырым бар сактап келем,
Сар-санаага батсам да ойдо жеңем.
Эч ким аны сезбестир, сездирбеймин,
Оюң таза өзүмдөй сени билем.

Баардыгы бир, сен теңсиң баардыгына,
Аялуусуң аяймын аялсың да.
Ак куу сымал периштем болуп өзүң,
Жарык чачкан Күн болчу маңдайыма.

## СЕНСИЗ

Сенсиз дүйнө селейип турганын көр,
Суздук дагы ушунчалык муңайымбы?
Жан дүйнөнүн боштугуна кимдер чыдайт,
Асман бүркөк, ким асырайт тумчукканды?

Ушул кеч, ушул күндүн күүгүмү ай,
Үлпүлдөк бойдон турса болбойт беле?
Жаз эле. Жайдак болчу тору айгыр,
Жамалган булут көктө айрык эле…

## БОЛО КӨР

Тамылжып турсаң экен өмүр бою,
Таңдагы топ жылдыздын тарашындай.
Бир өмүр сени ырдап мен өтөйүн,
Боло көр Рыспайдын Алмашындай.

Алоолонгон жаштыктын жакутундай,
Арманы көп көктөмдүн майрамындай.
Алыс болсоң, боло көр бирок жаным,
Ал эсиңе Алыкулдун Айдайындай.

Созулган тоолор менен курчалышкан,
Санаам бар Сары-Челек колотундай.
Актыкка башты ийип барамын да,
Ак Мөөрдүн акылы жок Болотундай.

Көккө тең Көкө-Теңир дайрасындай,
Чаектин чалмасы жок айранындай.
Боло бер, менин асыл кыялкечим,
Сабырдын эңсеп күткөн майрамындай.

## КАЙРЫЛЫП КЕЛГЕН ТУРА

Токточу,
Кадимки кол сааттай
«чык-чык» дейт коңур күүдөй
жаңырык үн. Баш оорубу
чыдабайм көңүл калган.
Ансыз да көкүрөктү эзип
бүттү ушул кайрык,
жамачы сыяктанып.
Асмандын бетин тосот,
булуттар кесик-айрык.

Терезе «тык-тык» этет,
-Таш урбай чакыргыла!-дегенчекти.
Төгүлгөн жамгыр менен
А сыртан жазым кирет
Он үчүнчү.
Сагынтып кетип калган бир кезекте.
Саргайган күздү ээрчип,

Арыктын суусу менен
Тагдырдын нугу менен.

-Келдиңби? Сагыныч
Кусалыктан, сүйүүңдү кайрып алып.
Шашпачы, тыным алып
Отурчу, чай ичели даяр эле.
Нан, боорсок мына баары.
Ой, тообо, жоготпостон
жүрөсүңбү, өткөндө табылбаган
жамгырлуу ырларымды.
-Кайрылып келген тура,
Нөшөр ыры, жүрөк сыры.
Ассалому алейкум, кулдугум бар,

Ыр атасы –Асан шайыр, Секелек кыз.
Силер үчүн
Төгүп салып, жүрөк сырын,
Окуйм ырым, тыңшагыла…

## СЕНДЕН КҮДӨР ҮЗБӨГӨМ

Жаз көктөмдө жарык таң атып,
Таалайымдан агып көз жашым.
Ылоо кылып сүйүү дастанын,
Жазган элем ырга айлантып.

Караан күтүп жолду карагам,
Кара көзүм болуп карагат.
Жүрөгүмдү эзип сагыныч,
Сени эстесем анан кан агат.

Тагдырымдын ташын талытып,
Таалайымдан үмүт үзбөгөм.
Тирүүлүктө азап чексем да,
Сенден бирок күдөр үзбөгөм.

## ЖАЛГЫЗ СЕН

Түрмөктүү булут түнөрүп,
Ак жамгыр болуп төгүлөт.
Сени ойлоп сансыз санаалар,
Бир ором чачтай өрүлөт.

Көз жеткис бийик жердесиң,
Кыйналат үзүк үмүтүм.
Кыялкеч, жарык ак таңым,
Жалгыз сен болдуң күйүтүм.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРҮҮ

Сезесиңби,
Үндөштүк бар сезимде,
Коңгуроолор
Кош жүрөктөн жаңырган.
Эңсөөмдү
Эстен такыр чыгарбай,
Элесиңди
Күндө күтүп сагынам.
Кайрылбаган
Караан болуп тилегим,
Тоону ашып
Жөө туманга кезигип.
Туйдурду эле
Түпсүз асман астында,
Тамырым да,
Тагдырым да сездирип.

Ал күндөрдү
Жүрөктөргө көмгөнбүз,
Ооруса да
Ороп алып кайгыга.

Катка жазып
Эң акыркы жообуңду,
Билесиң да,
Тамга коюп Ай «С»га.
Бирок кетпей
Бирге жашап дил менен,
Унутулбай
Улам ээрчийт жаш кошуп.
Үндөр гана
Тээ ыраактан угулат,
Дирилдешип
Көөдөндөрдөн баш кошуп.

Өмүрдөгү
Көз ирмем, - деп анда биз,
Койдук окшойт
Жаз күндөрүн өткөрүп.
Ал кездеги
Ак сүйүүнү барктабай,
Кол шилтедик
Тереңдиктей көп көрүп.
Ошондогу
Эрин соргон өбүшүү,
Түк калтырбай
Өрттөп кеткен сезимди.
Өкүнбөйлү
Дал ошондой коштошуу,

Экөөбүзгө
Бир гана ирет берилди.

Сен жөнүндө
Өмүр бою ыр жазып,
Унута албай
Калат окшойм жашоодо.
Карааныңды

Көрүп алып кээ күнү,
Жүргөн өңдүү
Туюп кетем тушоодо.
Билбейм өзүм
Айталбаймын эч кимге,
Ажарыңды
Теңдеш үчүн зат жоктой.
Алоолонуп
Азап тартам эрте-кеч,
Түбөлүккө
От жагылган очоктой.

Тирүүлүктүн
Бир белгиси ушулдур,
Урмат кылып
Эстеп жүрүү адамды.
Унут кылбайм
Үмүтүм бар жашоого,
Өмүр үчүн
Таштап келем кадамды.
Муңга батпас
Ырдап жүргөн обонум,
Музыкалуу
Назик тарткан кылдарда.
Унутармын
Балким сени ырдабай,
Бул жүрөгүм
Токтоп калган жылдарда.

## ЧАРГЫНБАЙДЫН БЕЙИТИНДЕ

***Жумгал районуна караштуу Кызыл-Ой совхозунун Кожомкул айылындагы, Чаргынбайдын мүрзөсүндө кичинекей тактайчада «1924-жылы Тейте уулу Чаргынбай өлгөндө Кожомкул көтөрүп койгон таш. Салмагы 690 кг» - деген жазуу турат.***

Төө көтөргүс салмак баскан бул ташты,
Кантип гана көтөрдү экен Кожомкул?
Таш чыдабай тагын сактап манжанын,
Тагдырына таарынгандай болуптур.

Жолдон өткөн жолоочу көп сандаган,
Бул бейитке жан жок чыгар барбаган.
Боз үйдөгү кулачты көр, колду көр,
Кожомкулдун эрдигине таңданам.

Чалыккандан Чаргынбайдын бейитин,
Тыңшап жаткан өңдүү анда таш жатат.
Жолдон өткөн жолоочу-калк таңыркап,
Кожомкулдун зор күчүнө баш катат.

## АЙ ТУТУЛГАН КҮН

Жай айы. Жашыл керемет,
Күүгүм кеч күндүн кызылы.
Апакай булут жалбырттап,
От болуп чоктой ысыды.

Булуттар чокко айланып,
Тоо жатты күйгөн очоктой.
Тутулган Күн, Ай толготуп,
Боздошуп турду ботодой.

## ЫЛАЙЫМ, СЕН ЫРЫСКЫЛУУ ЭНЕ БОЛ

Жазбаптырмын сага арнап жакшы сөз,
Каалоо айтып тилебепмин узак жол.
Ак таңдарды күткөн сымал кызыл нур,
Алгач сүйүүм, а сен болсо Аман бол.

Ылайым, сен ырыскылуу эне бол,
Адам үчүн аалам күндү сактаган.
Олоң чачты элечекке жашырып,
Каныкей, бол ак өргөгө бараткан.
Ылайым сен ырыскылуу эне бол…

## КЫЗЫМА КАТ

Боорго кысып бой жазылта элекмин,
Желип өткөн желдей кыял жанымда.
Сени эңсеген сайын жүрөк тыз этет,
Тынчтык бербес сагыныч бар канымда.

Кебелбеген кеме өңдүү жер шарын,
Кезип келем кемтик дүйнөм билинип.
Карегиме бүткөн кызым сен болуп,
Карап турам куш уйкуга илинип.

Түн ичинде шамал ойнойт эшик чертип,
Кат жазам бүтпөйт катым сага деген.
Телмирем, укта кызым ушул ирет,
Таң менен балким сага барып келем.

## КАЛГАМ ЖАЛГЫЗ

Күттүм, күттүм терезеден,
Караандар көп таанышы жок.
Калгам жалгыз бөлмөдө мен,
Калгам жалгыз энеден мен.

Кимдер сурайт абалымды,
Кимдер жоктоп издейт эле?
Калгам, калгам жалгыз болуп,
Караандардан алыс болуп.

Жан күйгүзөөр жатындаш жок,
Жанын берер энелеш да.
Алсыратты аталаштар,
Атабыз бир, эне башка.
Дос, туугандын жөнү бөлөк,
Доор өтүп күндөр келет.
Балдарыма калды менден,
Бир туугандык улуу тирек.

Күттүм, күттүм терезеден,
Караандар, көп таанышы жок.
Калгам жалгыз бөлмөдө мен,
Калгам жалгыз энеден мен…

## КАГЫЛАЙЫН КУТТАРЫМ

Жашыл аалам, көктөм өрөөн ыкшалып,
Боз шыбактар коңур жытын таркатар.
Менде жүргөн кыял- мүнөз сезимди,
Менден калган урпак эстээр, ар катар.

Бирге чогуу болбогон соң баарыбыз,
Кимде кандай кыялым бар билбеймин.
Уулум Улан өткөр, бирок, аттиң-ай,
Угалбадым «ата» сөздөн бөлөгүн.

Кылдай назик болсо экен деп тилеген,
Кызым Мээрим ала көөдөн жайдары.
Таарынгандан таркаганы тез тура,
Кызгалдактай, күлүп турган айдарым.

Жолон менен Айтурганым айдайым,
Кандай мүнөз күттү билбейм, танбаймын.
Үмүтүмдүн ой-кыялы башкача,
Үрдөй болгон асылзаадам таңдайым.

Акыл калчап айтуу балким эртедир,
Анделектей Нур-Тилегим кулунум.
Анда-санда ачык айтып ойлорун,
Атасынын эрке тайы тунугум.

Көлкүп жаткан коргошундай уюган,
Көздөн башка окшобогон уюлдан.
Рыспайым кай жагымды алды экен,
Калыбы жок мүнөзүмдү куюлган.

Кичинекей кенже кызым Зыйнатым,
Өмүрдөгү өзөгүмсүң кымбатым.
Өчөр кезде болгон мага табылга,
Кудайдан го мага окшош сымбатың.

Кандай мүнөз күтпөгүлө баары бир,
Каларым чын каныңарда агылаар.
Кагылайын кулундарым куттарым,
Каалаганым ачылса экен багыңар.

х х х

Ызалыктын бугун чыгарбай,
Ыйлап турду асман булутту.
Жол теребел анан тегиз жол,
Күз нөшөргө үнсүз жуулду.

Кыска, кыска ойлор кыскарып,
Батпай барат кыйыр санаага.
Көздөн чыккан ысык тамчылар,
Кыйылышып калды талаада…

## КӨҢҮЛҮМ КАЛДЫ

Кызгалдак өңдүү кыярбас дүйнө жаңырып,
Кыялдуу жазым билинет гүлдөп төгүлүүң.

Кырчылдап турган курагым кетип колумдан,
Кылыгы кымбат кыздардан калды көңүлүм.

Аскадан тамган тамчыдай ойду чогултуп,
Айлуу түн менен акырын өтөөр өмүрүм.
Аяган жанды асырап күтө албаган,
Аялдан калды ачыгын айтсам көңүлүм.

# АКЫН

Акын болуу арман жыйноо жүрөккө,
Актык үчүн өмүр берүү чыркырап.
Азбы-көппү каның менен кайгы жеп,
Асылдыкты асыроо бул зыркырап.

Акын айтып өзгөлөрдүн абалын,
Акылынан азып жашайт өмүрдө.
Курман чалып өз тагдырын башкага,
Керек болсо даяр турат өлүмгө.

Тагдырлардын тартибине баш ийбей,
Толкунунда жашайт көлдөй айланган.
Акын – деген акыйкаттын жарчысы,
Адалдыкка белчесинен байланган.

# *Күн чыгышка кеткен жол*

## Ыр түрмөк

Токтогула, томуктай
Ырларым бар, силер үчүн.
Жазылып, жазыла эле как баракка.

x x x

Мынчалык мажирөөсүң,
Кайратыңа окшобогон.
Түшүмү жок даракттай…

x x x

Жалгыз калдым, жалгыз кеттиң,
Ай менен Күнгө окшоп.
Ансыз да жалгызбызда…

x x x

«Чарт» жарылып чагылгандай,
Көз ирмемдик сызык салган.
Үнсүздүгүң караңгы түн…

x x x

Өткөн жылы өрүк гүлү элең,
Быйыл деле чыкпайт жалбырак.
Качан эми калат жаш чагың…

x x x

Эски төшөк, эски баарысы,
Эске келбейт. Сүйүү жаңысы.
Эселек кез, сокур жүрөктөр..

x x x

Быйылкы жаз келип кайрадан,
Бийиктикке чыктык төртөөбүз.
Баягыдай эле суз дүйнө…

x x x

Чакан көлдүн чарбып толкуну,
Көз жашыңды алды өзүнө.
Өткөн жазды ал да эскерди…

x x x

Өкүнөөрлүк өткөн жылдар да,
Канча күндөр калды эстелбей.
Негизинен таптык Улуу жол.

x x x

Көлгө түшүп калып жарым Ай,
Көбүктөргө калды көмүлүп.
Бийиктикте сынын жазбады…

x x x

Адыр-тоону түндөп жамынып,
Ээндикти издейт жүрөктөр.
Жашоо сыры элдин ичинде…

x x x

Мажүрүм тал турат баш ийип,
Күнгө карай боюн кербестен.
Бийиктиги анын бутагы…

x x x

Таңкы шоола, ачык асман көк,
Өмүр үзүм, үмүт жетелейт.
Кечин бирок эч ким күтө элек…

x x x

Аярлай көр жазган ырымды,
Азап кайгым, сүйүүм ошондо.
Алтын аяк сынып калбасын…

x x x

Алладан акча байлык сурабадым,
Армандуу сүйүү ырын ырдап жүрүп.
Кемтигим дилим таза, сокур эмес.

x x x

Күз болчу, саргайып жалбырактар,
Күбүлдү үмүтсүз сар-санаа.
Кусалык кулады дүмүрдөй.

x x x

Шок мүнөз токтоо тартып,
Тынч жашоо ойго салган.
Эстедим өткөн күндү...

x x x

Көчөдө басам жай, шамал,
Күзгү нөшөр күүдөй жаңырып.
Сырдуу кайрык көзөйт жараны…

x x x

От элең о, андагы өчпөй турган,
Жыл кесип оттугуңду өзгөртүңбү?
Сени да куса кыйнап…

x x x

Үмүт үзүү бүтпөс өкүнүч,
Тирүүлүктө бүтүн бакыт жок.
Караңгыда жашайт кусалык.

x x x

Көзү жок, сокур булак,
Үн салат таш түбүнөн.
Жүрөккө окшоп а дагы….

x x x

Кайрыгы укмуш обон,
Мөлтүрөп өзүнө окшош.
Аруулуктун бүткөн чеги бул.

x x x

Көл боюнда майда толкундар,
Жээк сүзүп ойнойт ак чабак.
Өмүр деле сүзгөн ак балык…

x x x

Дарак ойлуу тааныш күтпөгөн,
Жазгы нөшөр аны жүдөттү.
Наристедей таза жарык жок…

x x x

Өкүнбө, өкүн баары бир,
Өзөгүң жашоо, өмүр чок.
Жаштыктын кези мандалак…

x x x

Жарым тилик Ай мына,
Түндө бышкан коондой.
Таттуу, каттуу, жумшак нур…

x x x

Терезеден кирген шамал,
Сылай берип чачтарымды.
Карытты бейм үмүттөй.

x x x

Кар алдында калган тоодой,
Кайгы басып катып турам.
Күн нурунан үмүт кылып…

x x x

Жүрөгүм толуп кетти ой-санаага,
Жөргөмүштүн желесиндей тартылган.
Жарык нур качан чыгат, түн ортосу…

x x x

Күттүрдүң-ээ, жаздай кеч келип,
Күйүтүңдө шордун түтүнү.
Жалыны жок, күйгөн чырактай…

x x x

Дүкөн. Өчкөн чырак, уурулар
Сөздөр жүрдү көпөлөктөй айланып.
Көңүл жатты, улагада тепселип…

x x x

Ыйй. Көз жаш. Соолуган гүл.
Тагдырдан тамыр атып,
Чуркап барат канды жиреп жашоо деми…

x x x

Өчкөн чырак, караңгыда
Өмүрдүн жалгыз ыры.
Түн бою бешик ыры ырдалгандай…

x x x

Ачуу жашка чылап көзүмдү,
Арзуумду айттым түнгө мен.
Туңгуюкта калды көңүлүм…

x x x

Кемтик ойдун толот бөксөсү,
Толгон айдын кетип жарымы.
Оомал-төкмөл дүйнө деген бул…

x x x

Сенсиз эле келгем жашоого,
Сенсиз эле кетем жашоодон.
Жалгыз башым батат баарына…

x x x

Ооруп калдым окшойт чарчоодон,
Жаздын толук күнү бүркөлдү.
Коштошууга калып аз күндөр…

x x x

Ачылбай жабык эшигиң,
Алыстап барат карааным.
Коштошкон күнүм эсте жок…

x x x

Жалгыздыктан чыны зериктим,
Таалайыма бүткөн жалгыз жол.

x x x

Көмүлгөндө денем топурак,
Дөбө болор белги коюлбай.
Бир наристе мага Күн болор…

x x x

«Өлдү»-дебе көзүм өткөндө,
Өкүрүп кой ысык жаш сыгып.
Ырларымда калды тагдырым…

x x x

Түн. Жылдыз чакалап,
Туйлатат сансыз ойлорду.
Жалгызмын шерик чылымым.

x x x

Жарым Ай тилим коондой,
Көк менен барат акырын.
Мен сага жетпей карыдым..

x x x

Жаз келди түндө эшикке,
Сыдырым соккон жел менен.
Сен түштүң менин эсиме...

x x x

Мышыктын көзү күйгөндөй,
Күйпөдү сенин көздөрүң.
Дилимде турат сагыныч…

x x x

Бүгүнкү түн бейпил түн болчу,
Уктабадым оор ойлордон.
Дубалдар деле муз бойдон…

x x x

Үмүт, сүйүү, күтүү,
Сезимдерде жашайт түбөлүк.
Тагдыр сыры башка а бирок…

x x x

Көктөм ырын жазгым келди эле,
Көөдөнүмдө кыштын санаасы.
Күздүн күтөм балким келишин…

x x x

Караңгылык кандай жакшысың,
Капсаландуу түрүң болбосо.
А жарыктык укмуш Улуусуң.

x x x

Бирикпеген эки дененин,
Бир жатканы эки дөңгөчтүн.
Төшөк салып болбо убара…

x x x

Укмушсуң да, элдин көзүнө,
Учурат дилиң дилимди.
Аты улук алтын жердики…

x x x

Жолуктук капыстан улуу жолдо,
Саламга Алик алып.
Биз эми таанышбыз да, бейтаанышбыз…

x x x

Кемтиктүү кетти күндөр, өчкөн куну,
Баары бир баягыдай эмес сөздөр.
Экөөбүз Батыш менен Чыгыштайбыз…

x x x

Түн жамынып тагдыр айрыды,
Коштоштук биз таңды өкүнтүп.
Кеткен күндөр келбейт кайра эми…

## ЖЫЛДЫЗДАР КУБАТЫ

Бийликти да, мансапты да сүйбөгөн,
Бийиктеги жылдыздарга үңүлөм.
Эртели-кеч карай берип асманды,
Ээлигемин кең дүйнөгө үйүмдөн.

Түн койнунда сырдашамын өзүмчө,
Тирүүлүктүн сырын алар билчүдөй.
Жылдыздарга учуп кыял тилегим,
Жолун издейм мен аларга жетчүдөй.

Кең аянтта жаткан тиги Жетиген,
Келберсинбей турат ана Ак аюу.
Чөмүч сымал турган сабы ийилип,
Чамгарактайт отту жылдыз канаттуу.

Сапар тартып бара жатам жылдыздар,
Силер турган кең асманга бул ирет.
Жылдыз сулуу болгон менен муздак-деп,
Жолоочунун сөзүн уккам ким билет?...

х х х

О, жылдыздар жердиктердин жериненмин,
Бизге сапар тартты деп жерибегин.
Жарыктыкка жаралсам да жашоодо,
Түн койнунан келген экем жашоого.

Сансыз жылдыз толгон болсо короомо,
Мен турамын байкоо салып балкондо.
Булутту жок асман толуп жылдызга,
Бакыт чачкан Ала-Тоолук кыргызга.

О, жылдыздар толкуттуңар жүрөктү,
Байкабапмын эчен укмуш күн өттү.

Айга теңдеш эмес сенин жарыгың,
Ачылбастан келет бирок тарыхың.

Сен деген түбөлүксүң, байыркысың,
Мен деген кылым кезер акыныңмын.
Терметер түн бешигиң күүгө келди,
Баянды баштай бергин угам сени…

## ЖАР КЕРЕК

Жашоодо жалындаган,
Жар керек жарашыктуу.
Тилеги аруу болсун,
Ардагым апам сындуу.

Жүрөктөн сүйүп турган,
Жар керек жаргылчактай.
Мээримге бөлөп дайым,
Тың болсо таңылчактай.

Жаз күндүн аптабындай,
Жар керек жаркылдаган.
Жалганчы бул жашоодо,
Жалганды айталбаган.

Жар керек жаркылдаган…

## БАЛЕКЕТИН АЛГЫЛА

От ойноп, Ошту кара түтүн каптап,
Өткүр курч өмүрлөрдү өлүм жалмап.
Чыга албай чеңгелинен кара түндүн,
Чыркырап чындык жатты талды кармап.

Тамырдын тарамдары толгоо тартып,
Кыргызы өзүбегин тоңго катып.
Чапанын чала жапкан кыргызына,
Чаар топу өзүбек жүрөт шашып.

Эки элдин ынтымагы ыйык экен,
Эзилди эки жүрөк башка деген.
Обу жок огун аткан баш кесерлер,
Ошумдун балекетин алса экен.

## КӨКТӨЙТ АЛАР

Тарыхты тар да дедик, кең да дедик,
Тазбаймат, таланттар да элдик дедик.
Кең пейил кыргыз, кыргыз болгон үчүн,
Кылымдап толгон дедик улуу кемтик.

Кайнаган кайгы эзип жүрөктөрдү,
Кан күйүп, көз жаш аккан үмүттөрдү.
Канткенде кайрып эми берет кимдер,
Кан менен агып кеткен күйүттөрдү?...

Кылымдын күнүн кара, айын кара,
Кызарган оттой күйүп барат санаа.
Кыргыздын кыргыздыгы Ар-намысы-деп,
Кыйытып улуп турат бопбоз талаа.

Кылымдын кыйыр жолун басып келген,
Кыргыздар санжырасын сактап келген.
Кыйын күн эми гана болуптурбу,
Кызыл от, ачка-токту көрүп келген.

Ыйманын ырыскысын барктап келген,
Ыр менен каада-салтын сактап келген.

Бийликти эми гана көрүптүрбү,
Бүлүнтүп жан-дүйнөнү туздап кеткен.

Элдик уулду төрөгөн өрттөн келген,
Эр көкүрөк балдарын жоктоп келген.
Эркиндикти эл бүгүн көрүптүрбү,
Эчен кылым боштондук ээрчип келген.

Теңдик үчүн тегирмен тегеренип,
Теңир сүйгөн эл үчүн чебеленип.
Тирүүлүктүн туткасы болуп келген,
Акыйкаттык, ар дайым себеленип.
Калыстыктын капкагы калбыр болуп,
Көк үй менен ак үйгө жалган толуп.
Акмактыктын жүзүнө кан жайылды,
Азаттыктын күнү үчүн өмүр соолуп.

Көктөм келип, көк бүчүр алар кезде,
Көмүлүштү тал чыбык асыл жерге.
Көктөп алар кайрадан чыгат элим,
Көркү болуп кыргыздын дарегине.

## КӨРҮП ТУРАМ

Батпай калдым бул дүйнөгө бүгүн мен,
Бүгүлсөм да, бүктөлсөм да бүрүшүп.
Баш аламан чаржайыт ой чачырайт,
Кыяматтын ызгаарына күбүлүп.

Аптап уруп алоолонгон ыңкылап,
Адам каны акты аппак денеден.
Апрелдин шорун кара сыздаган,
Июлдагы «каргашалуу күңгө» тең.

Тагдыр эмес толгоо тарткан күн эле,

Тазбайматтар теңдик бербей бүт элге.
Табарсыктай толуп турган учурда,
Добулбастан чыккан улуу үн эле.

Батпай калдым бул дүйнөгө бүгүн мен,
Бүгүлсөм да, бүктөлсөм да бүрүшүп.
Бүчүрүмдүн калды кара ордосун,
Билинбеген көрүп турам үшүгүн.

## ЫЙМАНЫҢ ЫРАС БОЛСО

Акылың Айга жетсин, Күнгө жетсин,
А түгүл аалам кезип үргө жетсин.
А бирок, алп адамга айбат кылба,
А деген кыргыз болгон сүйгөн элин.

Тамтаңдап, тың сынбачы таалайлуудай,
Такыя кийип алып бай уулдай.
Таза эле ыйман күтүп алыптырсың,
Түрк элин жалгыз өзүң тааныткандай.

Сүйлөгөн сөзүң чоркок өзүң кыргыз,
Сезимиң алоолонгон бийик жылдыз.
Ыйманың ырас болсо ойлон Чоке,
Кыргызды кыргыз кылган, улуу Чыңгыз.

Оңбогон ойлоруң бар, орой, мокок,
Өзүңдү ким ойлойсуң сокмо токмок?
Сындасаң «Сен жөнүндө поэманы»,
Сен анда токол албай койсоң болмок?...

## ӨЗҮМДӨН

Көзүм өтсө көрүмдө калып сөөгүм,
Көкөлөсө куш болуп жазган сөзүм.
Өкүнбөсмүн ак жерден күйгөнүмө,
Өзүң барып алып сал өлүк көгүн.

Каларым чын катарында көп өлүктүн,
Кан катканда теңимин бир өлүктүн.
Кара баштын кайгысы куруп кетсин,
Калыстыгын айта жүр көкүрөктүн.

Чарчабадым чабал өңдүү өмүрдөн,
Чаңкап барат тамырларым өксүктөн.
Шашып, шашпай бүтүм кылдым, а балким,
Кандай күндү мен кечирсем өзүмдөн.

x x x

Көздөр! Көздөр! О, алыскы жылдыздар,
Кең дүйнөнүн төрүн көрүп тургандар.
Коңгуроодой үнүм өчүп баратат,
Кош болгула айнек көздүү туугандар.

Бүгүнкү түн бир башкача ажайып,
Билип турам өмүр калды азайып.
Көкүрөктө келип турат жашагым,
Көңүл өксүп, жүрөк калды картайып.

Өттү,өттү жаман-жакшы күндөрүм,
Өкүнбөймүн ысык денем күүдөсүң.
Алсыздыктын таягына жөлөнбөй,
Андан көрө жакшы болор өлгөнүм.

x x x

Ар адамга каалайм жолу болушун,
Азап-кайгы каалабаймын конушун.

Жаңга жакын ырахаттуу болсо экен,
Жашап жаткан кичинекей конушуң.

Катуу айтып калтырбайлы көңүлүн,
Адам ыйык жашап алсын өмүрүн.
Кызгылт кечтин шооласы сыяктуу,
Көздөрүнөн Күндүн нуру көрүнсүн.

Аябачы алтын туяк чыныңды,
Аярлачы аз да өмүр кызыгы.
Кыялында жашап алсын кылым жаш,
Көз жумганда калбайт сөздүн кызыгы.

x x x

Коштошууда жазда эккен гүлдөрүм,
Коюу түндүн уйкусунан ойгонуп.
-Журттуң алыс, жарың жүрөт таарынып,
Балким анык сен ойлогон болжолуң.

Ата-Журттуң сен төрөлгөн жерде эмес,
Ачык айтсам көзүң өткөн жер мекен.
Жарың, жериң экөөбү тең түңүлтөт,
Жаның чыкса көмөт сени эл деген.

Чочулаба, «чыйт» түкүрүп бел байла,
Чыйраласың, оку жаңы ырларды.
Калган жерлер, кеткен жарлар өкүнтөт,
Көргөнүңдөн, көрө элегиң кам кайгы.

Коштош азыр, көзүң тирүү барында,
Кийин баары, кечигесиң, кечигет.
Бул жашоодон орун тапсаң ийгилик,
Көз өткөн соң анын орду сезилет.

## БАШКАЛАР

Ажырыктуу гүлдү неге жыттайсың,
Анын жыты аңкыбайт да, сүйүнтпөйт.
Каалабаса кереги не башты ийип,
Сөзүң желге, жүрөк калат күйүттөп.

Жеңил коштош жекирүүгө негиз жок,
Жетелешип кое берет аялдар.
Көлөкөдөй ээрчип жүрүп акырын,
Көздөрүндө ойнойт билсең башкалар.

x x x

Таарындың да, койдуң мени карабай,
Талкаланган тагдыр салдың ичиме.
Орой эмес, сылык да эмес анчалык,
Мүнөз күттүң бушайманмын, үшүтпө.

Ушул учур өтөт дечү өтөт да,
Узак болбойт кумардагы куштарлык.
Суз күндөргө жолугасың тез эле,
Кокустуктан кутулгандай жай басып.

Кайталанма тагдыр ойну түгөнбөйт,
Кылымдардан калган ушул көрүнүш.
Жаңылык деп айткым келбейт жарыя,
Билем баарын болгум келбейт өлүмүш.

x x x

Кош болгула, кызыл жоолук айымдар,
Коштоор күн пешенеге жазылган.
Көз жумулса кайыр айтпай калбайын,
Кабак салбай коштошолуу азыртан.

Айрылууну алдын-ала айтышып,
Азык алдык бирибизден-бирибиз.
«Жаннат» жактан жай алалы дечүбүз,
Алдын-ала барсак дагы кимибиз.

Өлүм деген коштоп ширин өмүрдү,
Өзөктөшүп келген тура мурунтан.
Өлүм, өмүр, жашоо деген эски сөз,
Кээде эстен, кээде аккан кулактан.

## ЧЫНДЫК

Чындык болсо чычаладай өчүп күй,
Чыйраласың темир, болот өңдөнүп.
Чыдоо керек кайышса да бел курчоо,
Чымын жаның калар бир күн түрлөнүп.

Акыйкаттык азаттыктын ачкычы,
Ачуу бирок андан ыйык нерсе жок.
Абийир тутуп, адам болуп келген соң,
Акты ак деп айта бергин чара жок.

Чындык үчүн күйүп кетсең, кайгырба,
Чырак болуп жолду ачат акыйкат.
Бул дүйнөнүн кордугунда калсаң да,
Булүнбөгөн жүзүң жарык, калбайт так.

## СЕН НЕГЕ?

Кең үйдө ары басам, бери басам,
Күйүттөн арыла албай шалдыраткан.
Күтүүдөн тажап бүттүм ишене бер,
Күл дөбө артык үйдөн аңгыраган.

Томсором тоо тиктеген текелердей,
Туягым талып кетти туясыңбы?
Ыйладым, азап чектим айла куруп,
Эми сен өлсө экен деп турасыңбы?...

## ЖОГОЛГОН КИТЕПТЕРИМЕ

Бар дүйнөм деп бабырандап жүрчү элем,
Бир өмүргө жетер байлык жыйгансып.
Атаганат, таппай калдым бириңди,
Алтын тогоо сыртта жатат боз сандык.

Не бир сонун алп акындар бар эле,
Томдор турчу тоодой сактап сөлөкөт.
Китептерди көргөн сайын көз кадап,
Бирден аарчып тапкан элем өнөкөт.

Кадыр-баркын билген алса мейли эле,
Кабат-кабат барактарын бүктөбөй.
Көр соодага тийген болсо кантти экен,
Тытылдыбы өлгөн тоок жүнүндөй?..

x x x

Бир төшөккө жатпай экөөбүз,
Кош жаздыкты калдык унутуп.
Эрти-катын дешип суктанат,
Көргөн көздөр сугу куюлуп.

Катарынан жаздык коюлбай,
Калган баары үнсүз бириндеп.
Таарынычтар ташка айланып,
Талылуу сөз каткан ириңдеп.

Бир өмүргө бирге бирикпей,
Бош жаздыктар боздоп сооронуп.
Унутулар учкан желге окшоп,
Утурумдук аркан толгонуп.

## ТААЛАЙЫМА

Жылдыз конуп асман бооруна,
Ай нуру да түшпөй жолуна.
Көктү карап сыртта олтурам,
Көкүрөктүн уюп коруна.

Айлана тынч короз чакырык,
Калды мына таңга жакындап.
Жалгыз жүрөм жанда жарым жок,
Жыты келип жанды сагынтат.

Жакын болсо гана жолдоруң,
Жансыз жатат жакшы ойлорум.
Түнкү тагдыр түйшүк тарттырып,
Таалайыма шерик окшодуң.

## КАЙДАН ҮН КАТТЫҢ?

Ичте калып күйгөн үмүттүм,
Үзүлөрдө жалгыз үмүттүм.
Капилеттен кайдан үн каттың,
Кагылайын жарык сүйүүм?

Унутарда ээлеп үшкүрүк,
Жүрөгүмдө кошо жашаган.
Кыялымда калган элестен,
Көкүрөгүм чыны тажаган…

## КИМ ТААПТЫР?

Сабырым түгөп сабына катып ырымдын,
Сен үчүн ыйык сезимдин чөгөм түбүнө.
Сагынып дагы саргайып дагы күтөмүн,
Саламың айтып эшиктен өзүң киргенче.

Сен менен кошо эшиктен кирген бакыт бар,
Кайтса деп карайм, жолуңду анан тилеймин.
Бүлүнүп жүрүп буулугуп кеттим кусадан,
Бу тагдыр неге азапка салды туурадан.

Өкүнүп, өксүп, өмүрдүн өтөр табында,
Өкчөлүп келип кайрадан бердиң жашоону.
Кеч болсо деле, кейибейм тагдыр бир болсо,
Ким эле бакыт таап тыр дейсин жашында.

## ТАГДЫР ДААМЫ

Тагдыр даамын билгин келсе татып көр,
Жашоодогу ачуу-таттуу нарк тузун.
Коркуу сырын билгин келсе жалгыз бас,
Сездендирген ойлор айтат түн жүзүн.

## БАКЫТ

Кесим айдай болбо буулугуп,
Кемтигимде калган өткүр чок.
Аярланып аста баса көр,
Амандыктан өткөн бакыт жок.

## МЕН ДЕГЕН

Ат жалында ойноп жайкы жел менен,
Адыр чөбү өскөн жерде келем мен.
Ойлор ээрчип жандап жүрөт жанымда,
О-уу, уккун Сабыр болом мен деген.

## ӨМҮР КЫСКА

Өмүр кыска ким билбесе жашоону,
Өлүм узак жашап койсо ким аны.
Адам деген эки аяктуу пенде эмес,
Аныктап бил, алп дүйнөнү так тааны.

## КӨКҮРӨГҮ СОКУРЛАР

Тойдум бүгүн турмуштагы азаптан,
Таза делген, ыйык дилден, намаздан.
Акыйкатты айталбады бири да,
Ак-караны көрүп туруп наадандар.

Айрылганча айтчу алар тамагы,
Акыйкатты, арам менен адалды.
Боорун кесип жеп алышты карасам,
Боздоп ыйлап турса дагы баламды.

Акыйкатты айталбады сокурлар,
Адамдыктын бийиктигин көрө албай.
Көкүрөгүң көр экени билинди,
Акыл калчап, сөз кошподуң топудай.

Кудай сөзүн айталбадың бириң да,
Калыстыгың кайда молдо сөрөйлөр?
Топучалык башта мээң болгондо,
Балам жетим калбайт эле жөлөнөр.

## КӨРӨРСҮҢ

Алданбагын ай чырайлуу асылым,
Апаң айткан сөздөр учма кеп эле.
Ак көшөгө тартпайт ишен алтыным,
Анын баары баш айланткан жел эле.

Сени менен калбайт байың байланып,
Жыл өткөнчө жашайт билем айланып.
Таз жоорудай учуп кетет көрөрсүң,
Тарпты тапкан кузгундарга жанашып.

## ТИРЕГИБИЗ

«Кош»-дегенден корком жаным ишенсең,
Коогалаңга түшүп кетет көңүлүм.
Издеп келем ыңгай жолун турмушта,
Из салууга болор жердин өңүрүн.

Ыйык болуп таза бойдон бул сүйүү,
Калса болду, калганына не чара.
Карындашым көп жашыңды төкпө эми,
Кандан бүткөн тирегибиз бир бала.

## КЫШКЫ УРУК

Бороон улуп, суук түнөп эшикте,
Тоңгон музду кычыратып январь.
Жазды күткөн байчечекей уругун,
Кысып жатат, а данектин жаны бар.

Каалгып түшкөн кардын аппак бубагы,
Калкалашып жатат сактап урукту.
Көрбөй көктү, ачпай көзүн жумулган,
Капилеттен чагылгандан үн укту.

Өмүр-дайра, өмүр жарык Күн болчу,
Өсүп чыкты байчечекей соолуктап.
Бороон боздоп тонгон музду агызып,
Кырды ашып бара жатты колтуктап.

## ӨМҮР КЕЧИ

Эшикте күз, көңүлүм суз,
Кызыл, күрөң жалбырактар төшөлүп.
Бир өмүргө калуучудай озоңдойт,
Кечки шамал бантик байлап жүгүрүп.

Катар өскөн шилби шагы жалаңач,
Күздүн түнү кеткен баарын шыпырып.
Короодогу койчу жүрөт таякчан,
Караан болуп коюу түндө какырып.

## БАЙЛЫГЫМ, БАГЫМ

Бакытка толуп, баш баанек үйүм турагым,
Байкабай дүйнө топтолгон тура курдашым.
Капалык каптап, кайгыда жүрүп бекер мен,
Өткөрдүм окшойт өмүрдүн гүлгүн курагын.
Бактылуу жанмын, жанымда жарым, балдарым,
Өмүрдүн кара, көгүш нур, аппак таңдарын.
Бакытка ороп алпештеп турган дүйнөдө,
Байлыгым, багым, дөөлөтүм тура балдарым.

## ЖААЙ БЕРГИН

Сыртта бороон уруп ышкырган,
Ак шейшепте жатат айлана.
Кээ бир үйдөн чыгып көк түтүн,
Көккө боюн керет айлана.

Кереметин чачып кыш дагы,
Бубак кийип бутак тыштагы.
Бүртүп чыккан аппак бүчүрдөй,
Жаңы жылдын укмуш ак таңы.

Желдей жеңил жерге ашыккан,
Жибек түрмөк өңдүү аппак кар.
Көңүлдөргө толсун кубаныч,
Жаай бергин, жаагын аппак кар.

## БАКЫТТЫ КҮТКӨН ҮМҮТ

Аялды аздектеген,
Күндөрүм калды артта.
Жашоо сен жолдошум бол,
А бирок колдон тартпа.

Жүрөлү тоо аралап,
Нөшөрлүү ырды жандап.
Үзбөгүн гүл өмүр да,
Алсаң ал бирди тандап.

Таарынба, таза болгун,
Тирүүлүк турат көктө.
О, сени тагдыр берген,
Өмүргө ченеп өлчөп.

Жүрөгүм жүрөк эле,
Таш эмес катып калган.
Таш жүрөк мерез аял,
Болгондо эзип салган.

## КЫРГЫЗГА БҮТКӨН БАК
### А. Калбаевди туурап

«Атадан калган бир туяк»,
Алтынай биздин айылда.
Жылдызга жетип атагы,
Кыйлага даңкы дайын да.

«Ак кеме» келе жатканда,
«Бетме-бет» чыкты Танабай.
«Жамийла» сындуу чүрөктү,
Ким койду дейсиң баалабай.

Көк дөбөт жортуп деңизди,
«Ак кардан көк муз» бел ашты.
Аптыга түшүп бийиктен,
Акбара абийир талашты.

Карытып «бир күн кылымды»,
«Кыямат» келди артынан.
Ташчайнар боздоп баратат,
Баласын жоктоп канынан.

Турналар учса сап-саптап,
Мырзагүл бийкеч көк карайт.
Муңканткан согуш азабын,
Толгонай өңдүү миң каргайт.

Ак булут минген талаадан,
Чыңгызхан келет ат менен.
Чынгызхан, Чынгыз экөөбү,
Кыргызга бүткөн бак белем.

## БҮТҮНДҮК

Жок дебей жүр, аалам жердигин,
Биз жашаган дүйнө анык.
Токой, таш да, жумшак топурак,
Коргоп турат билсең жаныңды.

Көрбөпмүн-деп көксөп өкүнбө,
Дөөлөтүң бул асыл тирүүлүк.
Коркконуңдан жүрөк айрылып,
Сүйүнгөндөн келбейт бүтүндүк.

## ТҮНКҮ ЫР

Алгын курбум алдыңдагы шараптан,
Асыл дүйнө унут түйшүк, санааны.
Кел ичели, ким ичпеген бул сууну,
Ичке кирсе алып чыгат санатты.

Тагдырыңды, замананы тилдебе,
Аны кылган мына бизбиз адамдар.
Кереги жок кемтигинди кеп кылба,
Ар заманда жашап өтөт жамандар.

Тирүүлүктү тилдебей ал шараптан,
Буга чейин минтип ичкен канча адам.
Сүйдүм мен да! О, ким сүйбөгөн кыздарды,
Ким кызганбайт, алган жарын башкадан.

Карыймын-деп капа болбо өмүргө,
Биз өлөбүз, улайт жанды башка адам.
Андан көрө алып жибер аракты,
Кошумчасын кошо алып табактан.

## ЭНЕ – КАЙЫҢ

Карегимден учуп жалбырак,
Каалгып келет арык жээктеп.
Көйнөгү жок кайың ыргалат,
Сынган шагым кайра келет деп.

Күздүн бүтүп соңку саатты,
Кылыч сууруп түндө кыш келди.
Кайың турду дале жалаңач,
Көздөн учкан берип элести.

Суук өткөн дене дирилдеп,
Ызылдады канча бороон кыш.
Кайың турду дале кебелбей,
Өтсө дагы үшүк, муздак сыз.

Күтөт кайың, күтөт чырпыгын,
Күздө кесип кеткен ким бирөө.
Кайың-эне турду калтырап,
Өтсө экен-деп ушул кыш-күрөө.

## 1995-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫ

Сенек күз. Сентябрда
сагынткан сабактарды.
Токсон күн өттү тоңуп,
томсоргон күндөр агып.

Аңтарып асыл дүйнө,
Адашат сансыз барак.
Тамчыдан толгон көлчүк,
Түнөгүн издеп барат…

## НОЯБРЬ

Эх, бул күн майрам эле,
Майда эле, майдай беле?
А бирок, майрам болбой
Казаңга айран толбой
Бүгүн биз өткөрдүк эх,
Теле тиктеп,
Теше тиктеп
Боп-боз болуп…

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Балдар бар,
Баарысы бар.
Балдардын жаңысы бар,
Эскиси бар.
Жаңы жыл
Жыл тогошуп.
Тоскону бар,
Тоготпой койгону бар.
Орустун айы дешип…
…кар болсо жаап жатат,
Эч кимге сөз бербестен.

## КҮЧҮГҮМ ЖӨНҮНДӨ

Кыш эле кычыраган,
Токсон да тоңуп турган.
Күчүгүм короодогу,
Көз жумду кокусунан.

Жаш эле жаныбарым,
Борсулдап үрүп койчу.

Аты да коюлбастан,
Кыш эле,сырта тоңду.

Үңкүрдөй үйү калды,
Томсорот бубактар да.
Жоктошуп турат сыртта,
Үлбүрөп чырактар да.

x x x

Нөшөрдөй төгүп келген ой бороону,
Сезимди көзөп өтөт чагылгандай.
Чачтарым антен болуп чыркырашат,
Тирүүлөй колдон кармап мыкташкандай.

Сел болуп сайдын ташы кошо кулайт,
Санаалар көлдөй толкуп куланышат.
Ой сели өктөм белең өжөрлөнгөн,
Жаныма тынчтык бербей жулунушат.

## САГЫНЫЧ

Эңсөө толуп бүткүл денеме,
Сагындым мен жайлоо кечтерин.
Жамгыр болуп жашым төгүлүп,
Эзилдим-эх, эстеп эстээрин.

Эрип кетпей тоңгон муң-санаа,
Эстөө менен алып жаңы күч.
Эзилүүдөн барам суу болуп,
Ээ-жаа бербей кыял сагыныч.

x x x

Кыялымда айыл четинен,
Кыдырамын улуу тоолорду.

Таяк кармап уюн айдаган,
Издейм анан, апам, колотту.

Шылдыраган булак үнү эх,
Кулагыма дайым угулат.
Энемдеги бырыш таштарда,
Калгансыйт да анан кубулат.

Чалдар барып эшек минишкен,
Суу бурушчу дайым алыштан.
Сөзгө салып кечке кармайт деп,
Өтөр элек дайым алыстан.

Сагындым мен жайлоо кечтерин,
Өргө карай дайым бастырган.
Көр тирилик, көй-гөй жол бербей,
Көп иш турат мени азгырган.

## АТА-ЖУРТ

Ата-Журттум сени кантип унутам,
Сагынычтан салам айтам булуттан.
Тоолоруңду эңсегенде чыдабай,
Топурагың артык болот куруттан.
Кантип гана унутайын өзүңдү,
Өзүң болсоң жарык кылган өмүрдү.

Туулган жер топук кылып келемин,
Турпагыңдан алып демди, көңүлдү.
Эсимдесиң, эстейм сени Ата-Журт,
Эрте-кечпи барып салам түнөктү.

Ата-энеден, тууган-урук достордон,
Алыс өстүм кыйнайт ошол жүрөктү.
Туура, туура кыргыз жери бүт айылым,

Кыргыз эли кымбатым да, сымбатым.
Ата-Журттум сен турганда ажайып,
Ошол менин элден алган урматым.

## БАШКА СӨЗ ЖОК

Короого жакын келип аял турат,
Сүйлөбөйт, сүйлөймүн деп аяп турат.
Көп турду, карап турду көзү менен,
Кат берди, калтырак кол, ойлор бурап.

Муздак жел токтоп калды шамал да жок,
Катты алдым, окубаска амал да жок.
Окудум. Ошол жерде көпкө турдум,
О, дүйнө жер кезүүгө дарманым жок.

Кечиргин, кечирип кой карындашым,
Сен үчүн күйалбаймын, башка жансын.
Сеңселген чачтарыңдан жигит тарап,
Кусалуу мончокторду үзүп салсын.

Чачтарыма карабай бубак баскан,
Кат жазыпсың, кара көз ыраак жактан.
Айтар сөзүм өзүңө ушул эми,
Башка сөз жок сага арнаар ыракматтан.

## ТАБЫЛЫП КАЛАР

Алсыздык дарттын айынан,
Алыкул жанып күйүттөн.
Кыргызча сүйлөп зор дастан,
Кыргыздын баарын сүйүнткөн.

Өмүрдү сүйгөн, от сүйгөн,
Өзөктүү акын биз билген.
Жолон да издеп сүйүүсүн,
Жолукпай калып бир күйгөн.

Талкалап тагдыр жашоосун,
Күндөрүн күткөн күркөөдөн.
«Махабат менен коштошуп»,
Таш аке өткөн дүйнөдөн.

Таптырбай дайын дарегин,
Таттырган сүйүү камегин.
Мендеги жанган махабат,
Маңыздуу болор данегиң.

## ТАМЧЫ ОЙЛОР

Сендей дебе, ал такыр мендей эмес,
Башкалар да сен болбойт сендей эмес.
Канчалаган окшоштук издебейлик,
Калган жандар баары бир биздей эмес.

x x x

Эл ичинде билинбей көптүн бири,
Пендесиң да жүрөсүң ачпай сырың.
Сыртыңдан күлгөн менен ичиң ыйлап,
Жазылууда муң-жашка толгон ырың.

x x x

«Пендечилик»-деген сөз айтылат да,
Пейлибиздин ар жагы, күүсүн чертет.
Жүрөк кургур мынчалык айкөл, тунук,
Токтоп калбай, согот да, сого берет.

x x x

Ойлойм да, ойго чөгүп үшкүрүнө,
Үмүттүн алдоосуна кайра көнөм.
Көңүлдүн күзгүсү дейт махабатты,
Бир жүрөк кагып турса кантип өлөм?

x x x

Кайыл бол кадыркечим тагдырыңа,
Мен кеттим, сен жетпеген айылыма.
Эстээрсиң элес-булас, анда-санда,
Жүрөккө канжар сөздөр сайылганда.

x x x

Жарыктыктын асманында жашаган,
Менин дагы адам деген атым бар.
Тур, алтыным, көрсөтөлү сүйүүнү,
Мен жашоого келгендеги анттым бар.

x x x

Бүткүл дүйнөм калды жаным өрттөнүп,
Калпыс жашоо канатында Күн көрүп.
Жалгыз үмүт менен калдым «Сен» деген.
Башка ойлор жашай албай бүт өлүп.

x x x

Тургун үнсүз сүйлөгүчө жүрөгүң,
Туман тарап кеткичекти күтөмүн.
Жаман ойлор жанчылышсын жаш менен,
Жакшылары жүрөктөргө түнөшсүн.

x x x

Жарык элем жана албай арыдым,
Жалгыздыктан жабыркадым карыдым.
Жан дүйнөмдү жашартып тур периштем,
Көктөм кезди ушунчалык сагындым.

## ДАҢКТАЙ БЕРСИН

Махабат бөлүнбөйт го кары-жаш деп,
Майдандагы күрөштөй жашоо өрттү.
Маңызына баа берсең майдасы жок,
Маңдайыңа жазылган «Кыргыз көчү».

Жүрөктөгү жүгүбүз болуп ыйык,
Жүрөлүчү унутпай бассак-турсак.
Ала-Тоодой аруулук, бийиктикти,
Даңктай берсин жүрөктөн аккан булак.

## 2008-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫ

Уктадыңбы? Үшүп суукта,
Үнсүз турат бурчта телефон.
Сага арналган стол түзөлүп,
Шире агат кышкы коондон.

Шам чырактын күйүп билиги,
Калды азы, кадак куюлган.
Келбесиңди билем а бирок,
Келет деген туюм уюган.

Шам да өчтү, калдым шалдайып,
Шагым сынды сырта муңарык.
Күтүүмдүн күйүп билиги,
Кирип келди таңкы ак жарык.

## СЕН БАРДАЙ

Кош бол өткөн жылдарым кайрылбаган,
Кош болгула ойлорум айтылбаган.
Таза бойдон калдыңар таразада,
Ундай болуп сакталып, сатылбаган.

Кош болгула жакшы-жаман күндөрүм,
Коштошом да, Жаңы жылга өтөмүн.
Келер жылда кемтик дүйнөм толсо экен,
Кезген жолдо кечмеликти көрөрмүн.

Жакшы тилек, жакшы ойлор жыбырап,
Жаңы жылда төгүлсө экен ак кардай.
Жашагым бар ушул жылда жаз болуп,
Жаркып тийген Күн астында Сен бардай.

## КӨЛӨКӨСҮ

Тагдырдан кездешпестир бөлөкчөсү,
«Там» бер не, бербе пенде акыйкат бул
Ажалдын, Күндүн болбойт көлөкөсү.

## КОШ ДЕБЕЙ ЖҮР

Кош дебей жүр көрүшөлү кайрадан,
Кыштын ызгаар суугундай болбостон.
Жүрөктөрдө жашап жатат дагы эле,
Бир жылуулук эрте-кечте тоңбогон.

Барба дебейм, бар барагой кечикпе,
Баркын билбес бейжай заарын чачпасын.
Балапаным жаңы басып калды эле,
Байкабастан, колун кесип албасын.

Мени өкүнөт дебе жаным аяба,
Кор болгонум колтуктагы коңурсук.
Кечиргенмин кеткен күндү кайрылгыс,
Кечире бил, болбой калган колуктуум.

Бир дүйнөдө жашап жатып аралга,
Айрылуубуз арман, урмат, сый балким.
Эгер тагдыр бөлбөй туруп кошкондо,
Биз сүйүүнүн сезбейт элек таасирин?

## БААРЫ МАС

Атаганат адам турат баш көтөрбөй мастыктан,
Айлана түнт, арак сиңген жаздыктан.
Заман дейбиз зардап чачып катыгүн,
Заман майып, көкүрөктөн кан кускан.

Эшик да мас, эне да мас, кызы мас,
Эмчек эмген бешиктеги бала мас.
Туман каптап туш тарапты көрсөтпөй,
Турмуш да мас, тулуп да мас, тулга мас.

## ЧЫНДЫКТЫ АЙТЫШАЛЫ

Төрөлгөн соң, өлмөк да бар бир башта,
Не кереги анткорлонуп, алдоонун.
Кел тууганым, айтышалы чындыкты,
Ызасындай жүзүн кийип канкордун.

Ак, караны айтышалы ак дилден,
Айтылган сөз чыксын жарып жүрөктү.
Арман, үмүт, күтүү улам жетелеп,
Аз күнчөлүк өмүр шамын түгөттү.

Өмүр деген үлбүрөгөн шам чырак,
Өчсө отун тутанталбайт эч бир жан.
Заман заарын чачты дебе бул жалган,
Сүт эмизген эне жутту кызыл кан.

## БАЛКИМ МЕН ДА

Карлуу кечте кол көтөрүп бир аял,
Тосуп чыкты машинанын жолунан.
Жолоочуга токтой калдым аярлап,
Аял экен айылынан кеч калган.

Сууй түштүм, сүйлөөк экен жаңкы аял,
Жалын сырын ачып салды, кечигип.
-Убактыңыз болсо эгер кичине,
Олтуралы, кийин коюң жеткирип.

Жамгыр токтоп, карга айланган кеч эле,
Санаам онтоп, ооруп калды жүрөгүм.
Аттаганат, бул келиндин эриндей,
Балким мен да көптү билбей жүрөмүн.

## ЖАЛГЫЗ БАРСАМ

Курдаштар жалгыз барсам кечиргиле,
Жалыным, отум өчүп сыңганым чын.
Тагдырдан таба албадым өз ордумду,
Тар кечүү, кыя жолдон келгеним чын.
Сүйүүдөн көңүл калды болсом дагы,
Сүйрөлүп аны ээрчип кеткеним чын.

Кемсинте көрбөгүлө барсам жалгыз,
Кемтигим ансыз деле жарты-жарым.
Өмүрүм өтүп барат арман чокто,
Асылы боло албадым ыйык жардын.
Көп мүрзө көлөкөсү болбойун деп,
Кайрылып кайра келдим тосуп алгын.

## СИЛЕР ГАНА

Мен сүйгөн жаз, кош болгула кошкула,
Ыйык гүлдөр жайды эсен тоскула.
Көзүм тойбой көңүл сүйгөн баламды,
Көпчүлүктүн катарына кошкула.

Бүчүрүмдү үшүтпөсүн келген кыш,
Бүдөмүктөп саргайтпасын күз дагы.
-Атасы жок-деген кепке калбасын,
Топуракты толгонтбойун мен дагы.

Аптап уруп ысык жаңга батпасын,
-Жалгызмын-деп жапа чегип калбасын.
Энелештин эшигинде Күн болбойт,
Эр жигит го, Ата-Журтка каттасын.

Эскерткиле, эстеткиле өткөндү,
Эски жомок, тарыхы бар көчмөндү.
Силер гана сездирер жан ак гүлдөр,
Силер гана көтөрөсүң чөккөндү.

## БААЛАЙЛЫЧЫ

Ыйлаган жүрөгүмө даба таппай,
Ыдырап сөгүлүүдө тилектерим.
Ишеним, ырыс, дөөлөт кайда кеткен,
Бир кезде мурас болгон тиректерим?

Адамдык абийирибиз калбай ичте,
Адалдык арамдыкка сатылдыбы?
Сезимдин жанып турган үрөндөрү,
Акыркы актык үчүн атылдыбы?

Абийирсизди ак кылган кыргыз элек,
Акчалуу адам көрсөк бөпөлөдүк.
Жалгандын жалаңдаган канжарында,
Жаныбыз бийик болуп чөгөлөдүк.

Азгырык алдоолорго айың болуп,
Аттиң-ай, жугундудай төгүлбөйлүк.
Акыркы акиреттик сөзүм ушул,
Ар жерде калып гөрсүз көмүлбөйлүк.

Ыймандын ырыскысын табайлычы,
Ынтымак ырыс менен калайлычы.
Ыйлаган жүрөктөрдү жүдөтпөстөн,
Ырыстуу эл, жер, Күндү баалайлычы.

Канатсыз күндөр калып алыс-алыс,
Кайрымдуу жылдар келет ишенемин.
Жылкы оттоп, бетегелер белди ороп,
Желеде кулун, тайлар кишинесин.

## ТАГДЫР ЖОЛУ

Тагдырдын табышмактуу жолун өрүп,
Таңдагы чыккан күндүн нурун көрүп.
Таалайын теңдей албай адам жашайт,
Теңирдин насибине көңүл бөлүп.
Тегирмен өңдүү чуркап өмүр барат,
Төмөндөн жыгач пара төгөрөтүп.

Жыгачка жылган ташка таңданам да,
Жылгадан аккан суугa акыл калчайм.
Жашоонун ак-карасын айрый билген,
Жандуудан адамзатка кээде чарчайм.
Жарыктык шооласынан жашоо күтүп,
Жарыктык тагдырында алсыз калган.

Бир тагдыр билигине өмүр кошуп,
Бир келген өмүрүнө шорун кошуп.
Бийиктик өрүн карай, чыга берет,
Билинбеген бийиктикте өзү туруп.
Аттиң-ай, адам деген ач көз белем,
Алганга кыла албаган эч бир топук.

## ЖОЛ

Боз дөбө, бопбоз шыбак дөңдө мүрзө,
Добулун каккан шамал боздойт улуп.
Керимсел тарткан кечтин иңирин көр,
Кебелтең тартып турат алы куруп.
Мүрзөдө жаткан пенде кантти экен,
Аттиң-ай, кете албайт го андан туруп.

Калды эми кара жердин туткунунда,
Кар, бороон, жамгыр сөздүн курчтугунда.
Күйбөйт ал, өрттөнбөйт да, укпайт сөздү,
Кадырын билгендердин учкунунда.
Эл үчүн тосуп берип окко төшүн,
Кадалды тазбайматтар тумшугуна.

Ал дагы пенде эле жарыктыкта,
Келишкен татаал тагдыр сүрүп өмүр.
Төрөлгөн күндөн тартып ушул жерге,
Келгенче жашаган ак, ыйды көрүп.
Күйүндү, сүйүнгөндүр кай бир күндө,
Түшүнө кирбей балким ушул өлүм.

Балалык балтыр бешик короосунан,
Чыкканда түшкөн чыгар улуу жолго.
Өмүрдүн соңку сызык чегинде да,
Көзүнөн өткөн чыгар күлүк, жорго.
Чалынган тушоосунан ою чыгып,
Буттары байлангандыр күчсүз торго.

Пенденин жолу узун, жолу кыска,
Өмүр да дал ошондой болот нуска.
Таттуусу таңдайында кала берип,
Түбөлүк калат шору батып тузга.
Жаманын эстегенге күндөр калбай,
Жакшысы жан-дүйнөңдөн чыкпайт тура.

## КУРУТАТ

Дүйнөбүз сокур болуп,
Көкүрөк котур болуп.
Колтукка каткан таштар,
Коюнга кетти толуп.

Келинге керек намыс,
Кайнага көзүн сүзөт.
Кайниси күндөп-түндөп,
Жеңесен аңдып жүрөт.

Аялга керек намыс,
Айыптар жашырынат.
Эркектер кулак түрүп,
Эстүүлөр саксынышат.

Жашоонун мизи курчуп,
Жалын от өмүр кечи.
Кур намыс болбойлучу,
Курутат ички демди.

# АЙГҮЛГӨ

Коңгуроодой үнүң калып жүрөктө,
Көөдөнүмдө калдың гүлүм өрүлө.
«Айгүл»-дешти,-Айгүлмүн-деп тааныштың,
Айгүл гүлүн берип жатып өзүмө.

Айгүл гүлү ажайып гүл, асыл гүл,
Айлуу түндө ажарына тойбой үр.
Тектегендей тигип турам көзүмдү,
Таажысынан тамчып түшөр бүчүрдү.

Сулуулуктун сымбатына жетпес сөз,
Суктандырган керемет гүл Айгүл өс.
Желге ыргал желегиндей Баткендин,
Жетсин мээрим, жетпей калсын суук көз.

х х х

Учкул канат ой учугун уладым,
Менден мезгил бир ушуну утпадың.
Тагдырыма татаал өмүр берсең да,
Түбөлүккө калды сүйүү кутманым.

# БОЛАЛБАДЫ

Күтүүнүн күйүтүнө көмүлдүм да,
Гүлүндөй соолуп калдым розанын.
Жазында жайнап чыккан жер бетине,
Байлыгым болалбады козу карын.

х х х

Чакан көл мына баягы,
Түн катып келчү экөөбүз.
Тунжурайт үнсүз толкундар,
Калгандай биздин көзүбүз.

Сырдана жандай акырын,
Сызылат майда толкундар.
Сагынган окшойт комузду,
Жел сылап ойнойт колумдан.

Окудум жазган ырыңды,
Көл тынып, Ай да угушту.
Жалбыздын жытты аңкыган,
Жаз түндө баары тунушту.

Кайтарда толкуп толкундар,
Калышты желге шыбырап.
Артымдан кыйла жүгүрдү,
Жылуу жел, жамгыр дыбырап.

## АРТЫК ГО ДЕЙМ

Сүйө бербейм максатты жок үмүттү,
Тыным албас тагдырымдан чарчабайм.
Сүйө бербейм жылдын баардык мезгилин,
Ырдай албайм шаттык ырын ар качан.

Сүйө албайм суук күндү жазда да,
Салтанаттын ишенбеймин шаңына.
Олтурушун каалар элем ар качан,
Ысык чайын сунган жардын жанында.

Сүйө бербейм кимдир бирөө сөз бөлүп,
Орто жолдон чыга калса жарышып.
Уккум келбейт ушакчынын ушагын,
Унчукпастан туруп кетем кагынып.

Жиним сүйбөйт чынын айтсам жалганды,
Куулук менен алдаганды жек көрөм.

Кытмырлыктан көрөр күнүң канча күн,
Артык го дейм андан көрө бир өлгөн.

## НЕБИРЕМ ДАНИЭЛге

Көздөрүңдөн кагылайын карагым,
Көлдөй терең болсоң экен чырагым.
Бүчүрүмсүң бүртүп чыккан шагымдан,
Бүгүнүмдү эртеңкиден улаарым.

Аман болчу аста тилейм өмүрүң,
Асылзаада болсо экен көңүлүң.
Апаң менен атакеңе бел болуп,
Кол жуушса көтөрүп өс чөгүнүн.

Өмүрлүү бол, өзгөрбөгөн Күндөй бол,
Өзгөгө да мукам кайрык үндөй бол.
Аалам арбап, улуулукка жетсең да,
Адамзатка ак дилиңден бирдей бол.

## КУТ БОЛСУН КЫЗЫМ

Чыктың кызым, он сегизге ашыккан,
Сени билбейм жакшы көрдүм жашыңдан.
Туулган күн куттуу болсун деп тилейм,
Түк кетпесин бакыт деген башыңдан.

Үмүттүмсүң, үмүттөгү көкүрөөк,
Көөдөнүмдөн түркүн тилек төгүлөт.
Балдарымдан бир башкача көрүнүп,
Баардыгынан жакшы көрдүм көбүрөөк.

Бактылуу бол, сый кетпесин башыңдан,
Күндөп-түндөп сыздайт кээде кабыргам.

Өскөн сайын өзөгүмө өрт түшүп,
Өткөн тагдыр, өмүрүмө кайышам.

Тагдырыңдан таап жаша бактыңды,
Таалайлууга салба такыр артыңды.
Тиреги көп тилектер бар жашоодо,
Теңиримдин ак бастырбас чачыңды.

## МУГАЛИМДЕР

Мугалим берендердин берени,
Билимдин бийик туусу кеменгери.
Ачыгын айтып койсом капа болбо,
Агайлар ачык асман мекендеги.

Мугалим- асыл сезим тазалыгы,
Алп дүйнө өчпөй турган казалдагы.
Эмгеги эчен кылым көтөрө алгыз,
Эжейлер Ала-Тоонун мандалагы.

x x x

Бук болгон асман буулугуп турат түнөрүп,
Бүкүлү бүткөн арманын сырын төгө албай.
Айыл да жатат азууга кирген эт өңдүү,
Айыбын ага аз-аздан айтып beралбай.

Сук арткан жан жок сугалак сезим бириндеп,
Сагыныч жаткан капастын тору ачылды.
Айдарым желге желегин бийик көтөрүп,
Кусалык кетти кубарган жүз жок байыркы.

x x x

Бир экчелип кетели деп ашыктың,
Кечиккенин билсең деле өмүрдүн.
Кереметин тааный албай өтөрбүз,
Өткөн курак, балалыгың кечээкиң.

Өксүүсү жок өмүр барбы жарыкта,
Таңды, түштү, күүгүм сырын сактаган.
Күтүү менен көзгө жашты толтуруп,
Жүрөктөрдө калды тактар карттанган.

x x x

Бүгүнкү таң кандай болуп атты экен,
Бүркөө асман жан дүйнөңдө сезимде?
Оттой ысык илеп жана алдыбы,
Ойлуу менден кеткен элең кечинде?

Көздөрүңдө калды бекен соңку элес,
Боз адырдын чаңы болгон бозомук.
Же чырактай түнкү жанган айылдан,
Таң жарганда кетти бекен жоголуп?

Февралдын муңдуу кечи, жаш төкпөй,
Жүрөктөрдө калса экен жакшылык.
Эки тоонун булагындай жашапбыз,
Кечикпеген үмүттөрдөн табыштык.

*2013-жыл. 22-февраль.*

x x x

Көздөрүңдүн чарасына жык толгон,
Көлкүлдөгөн мээр-ышкың чайпалат.
Катка жазган кабарыңды окудум,
Баарын балким, айта албасмын майдалап.

Түпсүз оюң, түркүн кыял, мүнөзүң,
Түндүгүндөй боз үй сымал айланган.
Айталбаган айыбың бар качаңкы,
Айдын нуру күбө ага аймаган.

Түндүктөгү түтүн көккө уюлгуп,
Түнгө сиңип кеткен анда туңгуюк.
Андан бери өттү далай өлүк күн,
Көөп чыккан тамырлардан бут уюп.

## СУНУШУМ

Тирүүлүктүн түркүгүндөй ызаттап,
Жарык күндүн асыл нурун кубаттап.
Келер күздүн керимселин унутуп,
Кызгалдакты жүргүм келет кучактап.

Торгой ырын ырдайт жайдын кечинде,
Түн бөксөрсө кызгылтым нур жалтанат.
Көрүп, көрбөй бийиктигин чокунун,
Жерде жүргөн кумурскалар таңданат.

Көөдөндөгү жаштык-кумар бүтпөгөн,
Көңүл-дилге, ыр-уютку сезимге.
Жолдоруңа жоогазын гүл көктөсүн,
Татымы жок ойго түшүп мертинбе.

Чачкан үрөн чагылгандан бөрк алат,
Чачтарыңа алба тамчы тийгизип.
Алыкулдун айылына албарам,
Өзүң соккон килемиңе миңгизип.

-Макулсуңбу?!...

х х х

Түн жамынган тоого чыксаң улууган,
Жарык таңдын атары чын күлүңдөп.
Үлбүлдөгөн чырак көрсөң ал айыл,
Көкүрөккө тартуу кылган үмүттөн.

Чач жазылса кайра аны тарарсың,
Таралган чач жайылбасын тилей жүр.

Тарыхындай эле тагдыр жолдоруң,
Таарынбастан тар жерде да бийлей жүр.

Актай калган барак көрсөм айрылган,
-Аттаганат- деп өтөмүн үшкүрүп.
Актай калып айрылганча жол сызык,
Жазышса не карандашта түкүрүп...

## БААРЫ ЖАЛГАН

Күлмүңдөп чыккан Күн жалган,
Күйүткө салган Түн жалган.
Түгөйүм мен деп төш кагып,
Төшөктө жаткан жар жалган.

Агарып аткан Таң жалган,
Айнектей болгон көз жалган.
Айтылбас муңду чөгөргөн,
Океан жалган, көл жалган.

Жашоо да жалган сөз жалган,
Жамакчы болгон боз жалган.
Бөйрөктөн бутун чыгарып,
Боорукер болгон жан жалган.

Алтын да жалган, Ай жалган,
Адалдык жалган, жаз жалган.
Айыпсыз иштин өзү жок,
Адам да жалган, жер жалган.

Дүйнөң да жалган, салт жалган,
Дөбөң да жалган, дос жалган.
Жарыкка келген пендесиң,
Өмүргө көзүң бир канган.

Арыкта аккан суу жалган,
Адашып келген бак жалган.
Асырап калар айла жок,
Аманат делген жан жалган….

## ТИРҮҮЛҮКТӨ

Күтүүсүзбү келдим айылым сагынып,
Күн кылайып аткан кезде жөнөгөм.
Наристеңдин үнүн уктум бүгүнкү,
Жаңы гана энесинен төрөлгөн.

Кыядагы жолум түзгө кошулуп,
Бактылуудай күлдүм ырас азапта.
Көрүстөндү көрүп чыктым кыдырып,
Күн желеси оогон батыш тарапка.

Өмүр өчүп өмүр кайра жаралат,
Өзөктөргө от да тиет, жаш тамат.
Тирүүлүктүн кучагында картайып,
Тирүүлүктөн жаңы дүйнө башталат.

# *ПАРОДИЯЛАР*

## СЕН БАР ҮЧҮН

**Сен бар үчүн фонтан көккө атылат,**
**Сен бар үчүн булут того жашынат.**
***Биримкул Алыбаев.***

Сен бар үчүн сүйбөйт агай башканы,
Сен бар үчүн көздөн агат жаш дагы.
Сен бар үчүн алма, өрүк гүл ачып,
Короо жакка түшүп калат таш дагы.

Сен бар үчүн эрте келет кыш дагы,
Сен бар үчүн гүлдөр чыгат жаздагы.
Сен бар үчүн, сен бар үчүн дей берип,
Кара чачты басып кетти ак дагы.

## КОЙ УРБАГЫН

**Кой урбагын денесине так түшөт,**
**Колдон келсе тилден чыгар күчүңдү.**
***Байдылда Сарногоев.***

Мушташкандан мүйүз чыкпайт эч кимге,
Токто досум бул сөзүмдү угуп тур.
-Кой урбагын денесине так түшөт,
Андан көрө «атаңды»-деп тилдей бер,
Ал душманың өзү эле «бөк» түшөт.

Сөгүү жагын билбеймин деп өкүнбө,
Үйрөтүүгө киши табам кыйнабайт.

Таяк жеген өлмөк беле өйдө бол,
Жигит деген эл көзүнчө ыйлабайт.

Жараттың жок көзүң таза башың соо,
Туталанып түшпө жалын ичине.
Байдыкеңе барсаң эле үйрөтөт,
Жүз граммдан берсе эле кичине.

## БАЙКАШ КЕРЕК

**Сүйүүнү кармагыла**
**жибин үзүп**
**тигине**
**жүрүп берди оюн сала**
**жинденип кетсе керек**
**байкаш керек.**

*Жолон Мамытов.*

Жамандыктын бети курсун
Сүйүүм качты жибин үзүп.
Төрттүнчү кабатта элек,
Тепкичтен түшкөнчөктү
Жылт коюп жүрүп кетти
Оюн салып.
Көчө аралап баратып
Бакырыпмын. –Курбулар барсыңарбы?
Бар болсоңор бул да түзүк.
Тигине, тигине

Жибин үзгөн сүйүүм,
Качып барат
Жамгырчинов көчөсүндө!

Жыгылып калбаса экен
Кармагыла.

Асфальтка башы тийип
Башынан айрылбасын аягыла.
Тигине, тигине
Жибин үзгөн сүйүүм…
Жетсеңерчи
Чоң жолго чыгып кетип
Урунуп өлөт экен машинага.
Байкаш керек, байкагыла
Жин тийсе больницага
Жеткиргиле
Көтөрүп аркаңарга.

Сүйүүнү көргөн элем,
Саргайган, кусалуу, түнөргөн.
Көрбөпмүн торпоктой
Жибин үзгөн
сүйүү да болот экен.
Байкаш керек,
Байкагыла!!!

## КАЗАК КЫЗЫНА

**Кандай десең мен даярмын баарына,**
**Сен турганда мен неден арданайын.**
**Самолетун, поездин заманында,**
**Буйрук кылсаң-**
**Айылыңа жөө барайын.**

***Советбек Урманбетов.***

Караанындан кагылайын казак кызы,
Кантип сенден мен өзүм арданайын.
Буйругунду бере бер тартынбастан,
Чүйүң эмес, Алма-Атыңа жөө барайын.

Машинага май куюп олтурамбы,
Жетип барам жалаңайлак сен дегенде.
Буйрук кылчы-
Башканы кое туруп,
Жаныңда мен боломун бир дегиче.

Буйругуңду бере бер аткарамын,
Тоогуң эмес, торопайды мен багамын.
Эптеп-септеп токчулук заманында,
Ата-энеңдин көзүнө жагынайын.
Буйругуңду бере бер аткарамын,
Казак кызы сүйгөнүм Саулетайым.

## КЫЗЫЛ ОТ

**Кыз – деген кыпкызыл от жалбырттаган,**
**Бир ирет жылынам деп жалынынан.**
**Алоонун ортосуна түшүп кетип,**
**Байкеси чымындай жан аман калган.**

***Советбек Урманбетов.***

Кыз-деген кыпкызыл от жалбыраттаган,
Ах, чиркин ага кимдер жылынбаган.
Сезилбей кумга сиңген суудай окшоп,
Бир кызга көзүм түштү жалындаган.

От болуп күйүп турду көздөрүмдө,
Сымаптай сүңгүп кирдим алоосуна.
Кадырың жан болсун деп ошол кыздын,
Кактанып көнүп бердим каалоосуна.

Күн өттү, саат өттү, секунт өттү,
От өчтү, жалын өчтү, сезим өчтү.
Чулчуйган чөнтөгүмдөн тыйын калбай,
Чучукка жеткен муңдун зары өттү.

Теңирим телтейгенди сезсе керек,
Ал кыздын алып чыкты амалынан.
Кутулган күндөн бери коркуп жүрөм,
Кыздардын оттой болгон жамалынан.

## КУМДАГЫ ИЗДЕР

**Ураган очок жанында,**
**Мыйтыйып жатат издерим.**
***Советбек Урманбетов.***

Өткөндө барып айылга,
Балалык күндү издедим.
Табалбай кайра келатсам
Жолукту
Мыйтыйта баскан издерим.

Көргөндө көздөн жаш чыгып,
Шуу тартып койдум мурунду.
Тотудан калган куу жилик
Карачы
Көзүмө алгач урунду.

Мактансам деле жарашат,
Мамонттой эле экемин.
Издерим эле калбастан,
Калыптыр
Какачтар менен биттерим.

## МҮНӨЗ

**Мен эч кимди чакырбадым үйүмө,**
**Эч ким мени чакырбасын үйүнө.**
*Советбек Урманбетов.*

Бетпак дагы, безгек деле эмесмин,
Бирок мага такыр эч ким келбесин.
Мен эч кимди чакырбагам, чакырбайм,
Сен да мени чакырбагын демекмин.

Мүнөзүмдү билип болбойт таптакыр,
Элдей эле, болбогомун кор жакыр.
Жүрөк айткан: ырың менен жаша деп,
Ошондон го
Конок болуп көрбөптүрмүн таптакыр.

Уяламын бирөөлөргө баргандан,
Күлалбаймын чынын айтсам жалгандан.
Мен эч кимди чакырбагам үйүмө,
Силер дагы кел дебегин андыктан.

## БААРДЫК ЖАНДЫ

**Элим мага жылан бергин,**
**Эпке салып сүйлөтөмүн.**
*Бердигул Курманкулов.*

Элим мага чычкан бергин,
Үйрөтөмүн дан жыйганды.
Элим мага аюу бергин,
Үйрөтөмүн тал кыйганды.

Элим мага үкү бергин,
Алдырайын түлкүнү.

Шектенбестен карагыла,
Токтоткула күлкүнү.

Элим мага жылан бергин,
Эпке салып үйрөтөйүн.
Сабатымды ачкан менин,
«Бердигул»-деп сүйлөтөйүн.

## БИЗДИН БӨЛМӨ

**Оо, жаным биздин бөлмө кандай кенен**
**Ушунчалык сезимди батырган,**
**Ушунчалык бакытты батырган**
**Ушунчалык ааламды батырган**
**Оо, жаным биздин бөлмө кандай кенен.**

***Эгемберди Эрматов.***

Ушунчалык биздин бөлмө кеп-кенен,
Аялымды жана мени батырган.
Кийим-кече, китептерге орун көп,
Анан калса баш оорубайт атырдан.
Ушунчалык биздин бөлмө кеп-кенен,
Уялбайбыз чынын айтсам тарынан.

Наристебиз нары-бери жөрмөлөп,
Күндүн нурун кармап ойнойт колуна.
Ушунчалык биздин бөлмө кеп-кенен,
Ажатканаа, ашканaнын жанында.
Кыйналганда кыйкырбастан жөн эле,
Анда-санда кирип чыгат кошуна.

Ушунчалык биздин бөлмө кеп-кенен,
Адам түгүл аалам батат бөлмөгө.
Азап тартып мончо издеп жүрбөстөн,
Керек кезде үйдөн түшөм көлмөгө.

Бала-чака, кыз-кыркындан тартынбай,
Кирип кетем жылуу төшөк көрбөгө.

Ушунчалык биздин бөлмө кеп-кенен…

## КАЧУУ ОҢОЙ

**Чачуу оңой сарамжалдуу жыйноодон,**
**Качуу оңой кара жанды кыйноодон.**

***Түмөнбай Байзаков.***

Ыр жазуудан, ырды сындоо оңойдой,
Карышкырдан качуу оңой коендой.
Кара каштн кыйнап кирпик тергенче,
Көпбү-азбы, жүргөн жакшы боенбой.

Шорпо жакшы, палоо менен камырдан,
Ичүү жеңил тигилердин баарынан.
Кара жанды кыйнаганча жат эми,
Нөшөр төксө, сууга толор дагыраң.

## ОЙЛОРУМ КАЧАТ ДАРАККА

**Ойлорум топ чымчыктай дүр дей түшүп,**
**Чайпалган бак башына барып конот.**

***Абылкасым Абакиров.***

Ойлорум ырдын конбой саптарына,
Качышат топ теректин баштарына.
Кагазга түшпөсөңөр мыктап коем,
Июлдун мээ кайнаткан аптабында.

Курук мээ кулдуруктайт курсак өңдүү,
О, ойлор мен силерге эмне кылдым?

Даракка чыгып алып түшпөй жерге,
Сабырга кылдыңар го мени шылдың?

## КЕЛГЕН ЖОК

**Атасы кеткен бирөөнүн,**
**Айлына кайра келбеди.**
**Бешикте жаткан баласы,**
**Бир жолу чиркин көрбөдү.**

***Кубанычбек Маликов.***

Балдардын кетип апасы,
Кайрылып кайра кайткан жок.
Алты жыл өттү арадан,
Карааны тургай кабар жок.

Коммерсант болом дегендин,
Эчени кайра кайтышты.
А сени болсо алтыным,
Күйөөдө дешип айтышты.

Бекчейип белим калса да,
Бектурду эптеп үйлөдүм.
Небирең чыкты беш жашка,
Бир келип бетин сүйбөдүң.

Сени издеп кеткен агаң да,
Кайрылып кайра кайткан жок.
Жеңебиз кетип артынан,
Кайнага менен кайткан жок.

Замандын жүзү кубулуп,
Карачы аттиң калганын.
Караны кийбей жаш төгүп,
Катынсыз калдым арманым.

## КАЙТАР МЕНИ

**Ишке тойбой ыр менен таң атырган,**
**Жалын жаш ай, жалын жаш кайда калды?**
***А.Кадыров***

Өткөн жылдар өкүнтөт айла барбы,
Нандуу жылды кайтарар арга барбы?
Кара нанды кашайгыр төкчү элек,
Кайран гана ак нандар кайда калды?

Арак ичкен шишелер сайда калчу,
Жылгаларда төгүлгөн кымыз калчу.
Иттер тоюп ит аяк бошобостон,
Беш бармактар төгүлчү, кайда калды?

Ташты эритчү андагы сөздүн деми,
Кайсы күнгө кептелдик билбейм эми?
Айрылгым жок аттиң-ай, айрылдык да,
Алың жетсе ал күнгө кайтар мени.

## КУДАГЫЙ-АЙ

**Муңканып муунум бошоп турган кезде,**
**Сен мага күлө карап койбойсуңбу?**
**Ойлобой же байкабай жүрөсүңбү,**
**Же мени оорубайт деп ойлойсуңбу?**
***А. Кадыров.***

Муңканып муунум бошоп барат улам,
Кудагый мени карап койбойсуңбу?
Оорусам мен оорудум, соосуз го сиз,
Ак тойго калыс башчы болбойсузбу?

Каткан нан, эски чүрпөк чогултупсуз,
Эл келди, этти кенен койбойсузбу?
Кудагый керезиме көңүл буруп,
Келгендин көңүлүн алып койбойсузбу?

Алсырап алдан тайып барам улам,
Кудагый сен да мени ойлойсуңбу?
Оорукчан болсо эле өлөт бул деп,
Өзүңдүн билгениңди койбойсуңбу?

# ТАМСИЛДЕРДЕН ТАМЧЫ АГЫМ

## МЫШЫК МЕНЕН ЧЫЧКАН

Мышык үйлөнүп чычканга,
Корстон болуп жүрдү
Көчөгө чыкканда.
Айланадагылар аң-таң болушту,
А түгүл түлөө өткөрүштү,
Ага-тууган укканда…

Айлар өттү, күндөр өттү,
Мышык жүк үстүнөн түшпөдү.
Канчалык мамык болсо да,
Чычкан кап тешигин
Карайт түптөгү.
Качан караса мышык,
Чычкан тиги бурчта же
Бул бурчта.
Болбосо, эски сандыкта…

Бир күнү мышыктын жини келди,
-О, катын! Төшөккө чыккын-деди.
Анда чычкан:
-Сиз жата туруңуз
Түгөнбөй жатат курутум-деп,
Кап тешигине кирди.
Катуу таарынган таргыл,
Кап тешигине жармашты.
Экөө бирин-бири кубалашып,
Кечке улантышты кармашты.
…Оюн «отко» айланып,
Экөө тез эле ажырашышты.

# КЫЙГЫРДЫН ТАЛКАНЫ

Кыйкырып жатты кыйгыр,
Асканын башынан:
-Азыр мен аскадамын,
Ар бириңди көрүп турам.
Бийликтен кетти кескелдирик,
Такка эми өзүм олтурам.
Кана, ким кимди колдойт,
Же жолумду торгойт.
Ачыгын айткыла,
Мен бийликке келсем
Төө дагы сойлойт.
Түлкү куулугун таштайт,
Жолборс терилерди аштайт.
Илеликтин буту узун,
Ошондуктан туугандар
Орун басар кылам аны,
Бир болсо ишти ошол оңдойт.
Дагы бир айтарым,
Айтканым айткан
Соо калбайт кайткан.
Эми тигил тегиздикке баргыла,
Ал жерге чачылган талкан…

Айбанаттардын баары,
Тегиздикке агылды.
Жерге чачылган жемди жыттап,
Кээ бири жеп
Кээ бири келгенине таарынды…
Ошентип
Чогулгандар бир чечимге келип,
Кайберендин тукумуна добуш берип.
Шайлоодо шайын оодарышты,
Кыргыйдын адебин берип…

-Аты эле кыйгыр болбосо,
Кескелдириктен кем эмес экен.
Жемге тойгондор шайлашсын-деди короз,
Бизге ал эп эмес экен.

**ЖЕТЕКЧИ МЕКИЯН**

Баардык эл сыяктуу эле,
Базарда самогон саткан.
Мекиян капилеттен,
Жетекчи болуп калды
Буйрук чыгып жогорку жактан.

Мекемеге келип,
Эки корозду орун басар кылды.
Иш билгилер ишинен жылды.
Кыскасы,
Сөздү омоктуу айтуунун ордуна,
Одураңдап көк торпоктук кылды.

Иш баштады,
Кызылын кызылдай
Агын актай салып.
Кээ бирөөсүн өттү
Кемчилдиги жоктой каарып.
Ишкананы аллергия басты,
Сасык тумоо өңдүү
Бурч-бурчтан аңдып.
Көрөалбагандар
Көргөнүн көтөрө чапты.
Эт менен челдин ортосундагылар,
Мекиянга жакты.
Ушакчы карга менен сагызгандар,
Жетекчиден алкоо тапты.

«Мыктылар» мышык болуп,
Итке таланып жатты…

Кылымдагы кызык күндөр башталды,
Кээ бирөөнүн көздөрүнөн жаш тамды.
Жалган ушак, жалаа сөздөр уюлгуп,
Тешип бүттү тердик өтпөс капталды.
Кекилик кердейе басып,
Бөдөнө беде аңызда жатпай калды.
Күндө бир жаңылык табылып,
Маалыматтар келип жатты агылып.
Чын-жалганы териштирилбей,
Сейфте жатты басылып.
Мекиян күндөн-күнгө,
түсүн алмаштырып.
Столдо олтурду
молдолорчо «күп-сүп» кылып,
жеңин кагынып.
«Премныйга»
киргендердин аягы суюлуп,
«Кедей хан» сезген өзүн мекиян
Теңсинбей калды жулунуп.
Төөнү төө дебеди,
Чөөнү чөө дебеди.
Колуна жуккан көөнү көрүп,
Көөнү көө дебеди.

Тоок топтой семирип,
Жарыларына аз калды.
Ишканада күзөтчү болуп
Алмашпаган жалгыз гана ит калды.
Ал дагы сөгүштөрдөн тажаган го,
Жетекчи келе жатканда
Ит аякка башын салды.

## ЧИРКЕЙДИН БИЙЛИГИ

Мекиян мекемеге келгенден бери,
Чиркей тынбай калды.
Жолборстун жонун чагып,
Койду бастырбай
Кыскасы, кыйла эле моокуму канды.

Текшерген болуп коенду,
Сагызганды теңсинбей койсо болобу?
Зыңкыйган имараттай болуп,
Каалагандай күндө боенду.
Мекияндын мээримине тойбой,
Күндө үч ирет кирип алдына
Жыландай эле оролду.

Мекияндын мендиги бүтпөй,
Күрсүлдөп жатты жүнү бош иттей.
Чиркейдин чыныга куйган канынан ичип,
Үйүнө келет аппакай сүттөй.
Чиркей чылымын түтөтүп,
Чечимин чыгарат «шефин» күтпөй.

## ЖОЛБОРСТУН ЖОРУГУНАН

Жылдар өтүп жолборс карыды,
Жакын, алысты басып арыды.
Чыкпай калды мурункудай,
Ичтен дагы, иштен дагы жарыгы.

Бийликтен бирок кеткиси келбеди,
Досун оодара тартып иштеги.
Ордуна келүүнү ойлоп,
«Андижандын бийин» бийледи.

Бий бийленип бүткөнчө,
Түлкү түлкүлүгүн кылды.
Жолборс жол тапканча,
Түлкү бийликке жылды.

## САГЫЗГАНДАР

Күнү-түн сайрап ушакты,
Кыйланын жанын кууратты.
Аппакай катык сүт болгон,
Кара деп айтты жууратты.

Таза иш кылсаң кубанар,
Териден бетер сыйрышты.
Теңирден тентек экен деп,
Телибай тентек кылышты.

Сабалап учкан сагызган,
Санааны канча агызды?
Сары оору кылган ой үчүн,
Төлөшөр бекен карызды?

# *ТЕРМЕ*

## КАЙДАСЫҢ АПА, КАЙДАСЫҢ ?

Жашоонун тузу кем белем,
Жаралып неге келди элем?
Жаркыным апам өзүңдү,
Жан биргем менин дечү элем.
Жүзүңдү бүгүн көралбай,
Жалгыздап ойдо термелем.

Сагындым апа сагындым,
Кабарын айтчы барыңдын.
Кай жерде, кантип жүрөсүң,
Кусасын сезчи балаңдын?
Көп күндөр өттү келбедиң,
Көбөйдү карты жарамдын.

Түн бою ойлоп толгоном,
Түркүн ой чыгып тордолгон.
Тайнемдин сөзүн эстесем,
Тегиңде мындай болбогон.
Балаңдын укчу муң-зарын,
Жүрөктөн сага жолдогон.
Атабыз кетип алыска,
Айтылган эмес калыс баа.

Акчалуу болуп келем деп,
Ал кеткен алыс тарапка.
Экөөбүң бирдей жоголуп,
Окшошуп калдык карыпка.

Көп күндөр өтүп бир келдиң,
Төгүлүп күндөн бир мээрим.

Таң атпай мени тургузуп,
-Кетебиз мындан жүр-дедиң.
Бараттык шашып экөөбүз,
Жол тосту бирөө,-ким?-дедим.

Айтпастан ачык оюңду,
Жашырып кымтып боюңду.
Жай жерден шашып сен кеттиң,
Кучактап, өөп колумду.
Билгенде балким эртерээк,
Бек тосбойт белем жолуңду.

-Атаң-деп чымчып артымдан,
Ачалбай сырды катылган.
Артылып ага баш койдуң,
Өскөнсүп бирге жашыңдан.
Ошондо күйдүм от болуп,
Оп тартып кеткен жалындан.

Балалык бакыт кыялдан,
Бар кезде андан уялам.
-Ата деп айтып алам да,
Тыз коюп өтөм кыядан.
Үй-жайы укмуш болсо да,
Көз өтчү өскөн уямдан.
Жашадык, жалган чыныбы,
Ал жокто айтып сырымды.
-Кетели-дедим канча ирет,
Кебелбей угуп чырымды.
Күйдүрдүң апа, күйдүрдүң,
Кебелбей үйлөп чылымды.

Ай өтүп калгам-Ата-деп,
Ал деле жүрчү -балам-деп.
Айдың көл асыл жан эле,
Артыкча сүйчү бөпөлөп.

Көңүлдөр көздөй көнүшүп,
Калган кез болчу көкөлөп.

Жуурулуп жүрөк жүрөккө,
Жупташып жатып түнөктө.
Жан бирге болуп бараткан,
Кас сезим калбай күзөткө.
Кандай күн болду билалбайм,
Коштоштук түшүп сүрөткө.

Жол бою куюп кулакка,
-Атам бар дебе биякта-
дедиң да келдик тайнеме
-Иш чыкты-дедиң тиякта.
Жол улап кеттиң эртеси,
Жоо кууган баатыр Саякча.

Эжем да келген энемден,
Чыкпадык мындан жемеден.
Атама коюп айыпты,
Сөз угуп жүрдүк жеңемден.
Акыркы сөзүң өксүтөт,
-Күткүлө, мында келем мен.

Келбедиң күттүк, сагындык,
Тагдырга чыны таарындык.
Тирүүлөй жетим кылба-деп,
Кудайга дагы жалындык.
Жетиптир тилек Теңирге,
Атабыз келип жазылдык.

Апаке, айткан сөзүңдүн,
Ар бири менин эсимде.
Атаңды ээрчип кетпе-деп,
Айттың не билбейм кезинде.

Өзүң жок, атам келгени,
Өзөн суу болду кемиме.

Азыр да чогуу үчөөбүз,
Айылда жашап жүрөбүз.
Атамды билбейм а бирок,
Эжекем болуп күтөбүз.
Кайрадан бирге болсок деп,
Канаттуу ойдо мүдөөбүз.

Бир барып калып базарга,
Жолуктум бая атама.
Эки ийнин кысып муңканат,
Кеткен-деп башка адамга.
Аны да таштап кетипсиң,
Жүрөсүң кайсы тарапта?

Бүгүн сен кайда жүрөсүң,
Чокусун издеп асканын.
Бир айтың эле эскерип,
Балалык сүйүү асманын.
Элиртти окшойт ошол ой,
Эсиңе түшүп жаш чагың.

Кайдасың апа, кайдасың,
Табалбайм көңүл айласын.
Көрүнүп кетчи бир жолу,
Жыл эмес келип ай сайын.
Күтүүдөн көзүм тешилди,
Кайдасың апа, кайдасың?...

# МАЗМУНУ

**ОБОНДУУ ЫРЛАР**


Кыргызым………………………………………… 3
Бир арман………………………………………… 3
Оштун түнүндө………………………………… 4
Сук кирет дешет жамалга…………………….. 4
Энекем…………………………………………… 5
Бөбөк тилеги…………………………………… 6
Жан эркем……………………………………….. 6
Терезе алдындагы наристеге…………………. 8
Жол жалгыз………………………………………. 8
Өмүр сереси…………………………………….. 9
Рыспайга………………………………………… 9
Чынара…………………………………………… 10
Бакытка бакыт тогошсо………………………. 11
Алайым…………………………………………... 12
Чынарам…………………………………………. 12
Кышкы түндүн жамгыры……………………..... 13
Балалык…………………………………………. 14
Этюд……………………………………………… 14
Досума кат……………………………………… 15
Күнөө болсо болгондур………………………. 16
Малбиям………………………………………… 17
Үйүңдүн турса үстүндө…………………….. 18
Таалайлуу элбиз………………………………. 19
Туулган жерим Бооготум…………………….. 19
Кылымга көз ирмемдик аралык бар………… 20
Кышкы этюд…………………………………...... 22
Тынбай ага берсе экен……………………….. 23
Сагынуу…………………………………………..... 23
Арсланбап жергесинде……………………….. 24
Үндөшмөдөгү сүйлөшүү................................. 24
Таппай келем…………………………………… 26
Күз майрамы……………………………………. 26
Сурайм сенден…………………………………. 27
Күтүү.......................................................... 27
Мен күткөн сүйүү........................................... 28
Кошунаны эскерүү........................................ 29
Окуучуларыма…………………………………. 29

Сыздабачы…………………………………….. 30
Сыр болуп катылган бир арман……………… 30
Көкүрөгүм күйүп барат акырын……………… 31
Кел жашайлы………………………………… 31
Сыйынышсын……………………………….. 32
Эсте калчу…………………………………… 32
Билгем………………………………………… 33
Каларыңды билгем табылып………………… 33
Күн болчу маңдайыма……………………….. 34
Сенсиз………………………………………… 34
Боло көр……………………………………… 34
Кайрылып келген тура………………………. 35
Сенден күдөр үзбөгөм……………………….. 36
Жалгыз сен…………………………………… 37
Сен жөнүндө эскерүү.................................... 37
Чаргынбайдын бейитинде…………………….. 40
Ай тутулган күн……………………………… 40
Ылайым сен ырыскылуу эне бол…………….. 41
Кызыма кат…………………………………… 41
Калгам жалгыз………………………………… 42
Кагылайын куттарым………………………… 42
Ызалыктын бугун чыгарбай………………….. 44
Көңүлүм калды………………………………. 44
Акын………………………………………….. 45
Күн чыгышка кеткен жол (ыр түрмөк)……… 46
Жылдыздар кубаты…………………………… 54
О, жылдыздар………………………………… 54
Жар керек……………………………………… 55
Балакетин алгыла……………………………… 55
Көктөйт алар…………………………………. 56
Көрүп турам………………………………….. 57
Ыйманың ырас болсо………………………… 58
Өзүмдөн……………………………………… 59
Көздөр, көздөр……………………………….. 59
Ар адамдын каалайм жолду болушун………. 59
Коштошууда жазда эккен гүлдөрүм………… 60
Башкалар……………………………………… 61
Таарындың да койдуң мени карабай……….. 61
Кош болгула кызыл жоолук айымдар………. 61
Чындык……………………………………… 62

Сен неге……………………………………………. 62
Жоголгон китептериме………………………... 63
Бир төшөккө жатпай экөөбүз………………… 63
Таалайыма…………………………………… 64
Кайдан үн каттың?......................................... 64
Ким тааптыр?................................................... 65
Тагдыр дамы………………………………… 65
Бакыт………………………………………….. 65
Мен деген……………………………………... 66
Өмүр кыска………………………………….. 66
Көкүрөгү сокурлар………………………… 66
Көрөрсүң……………………………………… 67
Тирегибиз…………………………………….. 67
Кышкы урук………………………………….. 67
Өмүр кечи…………………………………….. 68
Байлыгым, багым…………………………… 68
Жаай бергин………………………………….. 68
Бакытты күткөн үмүт……………………….. 69
Кыргызга бүткөн бак……………………….. 70
Бүтүндүк……………………………………… 71
Түнкү ыр……………………………………… 71
Энее-кайың…………………………………… 72
1995-жылдын сентябры…………………….. 72
Ноябрь………………………………………… 73
Жаңы жыл……………………………………... 73
Күчүгүм жөнүндө…………………………….. 73
Нөшөрлөп төгүп келген ой бороону………… 74
Сагыныч……………………………………… 74
Кыялымда айыл четинен……………………. 74
Ата-Журт…………………………………….. 75
Башка сөз жок………………………………. 76
Табылып калар………………………………. 76
Тамчы ойлор…………………………………. 77
Даңктай берсин……………………………… 79
2008-жылдын 31-декабры………………….. 79
Сен бардай…………………………………… 80
Көлөкөсү.......................................................... 80
Кош дебей жүр……………………………….. 80
Баары масс…………………………………… 81
Чындыкты айтышалы……………………… 81

Балким мен да…………………………………… 82
Жалгыз барсам………………………………… 82
Силер гана……………………………………… 83
Баалайлычы…………………………………… 83
Тагдыр жолу…………………………………… 84
Жол……………………………………………… 85
Курутат……………………………………….. 86
Айгүлгө……………………………………… 87
Болалбады…………………………………… 87
Чакан көл…………………………………….. 86
Артык го дейм……………………………….. 88
Небирем Даниэлге………………………… 89
Кут болсун кызым........................................ 89
Мугалимдер………………………………… 90
Бук болгон асман буулугуп турат түнөрүп 90
Бир экчелип кетели деп ашыктың 90
Бүгүнкү таң кандай болуп атты экен 91
Көздөрүңдүн чарасына жык толгон 91
Сунушум..................................................... 92
Түн жамынган тоого чыксаң улууган........... 92
Баары жалган............................................... 93
Тирүүлүктө………………………………… 94
ПАРОДИЯЛАР
Сен бар үчүн………………………………… 95
Кой урбагын………………………………… 95
Байкаш керек……………………………… 96
Казак кызына……………………………….. 97
Кызыл от…………………………………… 98
Кумдагы издер……………………………….. 99
Мүнөз……………………………………….. 100
Баардык жанды……………………………… 100
Биздин бөлмө……………………………… 101
Качуу оңой……………………………….. 102
Ойлорум качат даракка……………………… 102
Келген жок………………………………… 103
Кайтар мени………………………………….. 104
Кудагый-ай………………………………… 104
Тамсилдерден тамчы агым…………………
Мышык менен чычкан……………………….. 106
Кыйгырдын талканы……………………….. 107

Жетекчи Мекиян……………………………… 108
Чиркейдин бийлиги………………………… 110
Жолборстун жоругунан……………………. 110
Сагызгандар…………………………………. 111
ТЕРМЕ
Кайдасың апа, кайдасың?............................... 112

Адабий-көркөм басылма

**Сабыралы Абдукаримов**

**Өмүр сереси**

Редактору: Курсан Пахыров
Корректору: Туляк кызы Айтгүл
Дизайнери: Ыкыбал уулу Элдияр
Калыпташтырган: Рыскулова Кадича
Тех.редактор: Тургунбек кызы Самара

Терүүгө берилди 20.01.2013. Басууга 10. 04. 2013 ж.
Кагаздын форматы 84х60. 23,75 б.т. Буйрутма №43. Нускасы 1000.
Ош шаары, Курманжан-Датка